**Курманакунов Б. Н.**
**Жороева Г. А.**

# АНГЛИС ТИЛИНИН ГРАММАТИКАСЫ
# ГРАММАТИКА АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА
# ENGLISH GRAMMAR

**Жалал-Абад**

**УДК 80/81**
**ББК 81.2**
**А 64**

Редактор Дарбанов М. Е. –филол.и.к., профессор
Рецензент Шамурзаев А. Ж. - филол.и.к., доцент

**Курманакунов Б. Н., Жороева Г. А.**
**А-64** Англис тилинин грамматикасы. Ж.: 2022-ж., 156 бет.

**ISBN 978-9967-09-146-21**

Бул китепте англис тилинин грамматикасы жөнүндө кыскача берилди. Бул китепти окуучулар, студенттер жана мугалимдер пайдаланышса болот.

Англис тилинин грамматикасы кыргыз жана орус тилдери менен салыштырылып берилди.

**А 4602000000** **УДК 80/81**

**ISBN 978-9967-09-146-21** **ББК 81**

© Курманакунов Б. Н., Жороева Г. А.,2022

## Tables of contents

Кириш сөз ........ 8
Зат атооч – Noun ........ 8
Зат атоочтун бөлүнүшү ........ 9
Жөндөмө - Case ........ 10
Жалпы жөндөмө - Common case ........ 10
Таандык жөндөмө - Possessive case ........ 10
Зат атоочтун саны - Numbers ........ 11
Род - Gender ........ 12
Зат атоочтун сүйлөмдө аткарган милдети ........ 13
Артиклдер - Articles ........ 13
Белгисиз артиклдин колдонулушу ........ 14
Белгилүү артиклдин колдонулушу ........ 14
Артикль колдонулбай турган учурлар ........ 15
Сын атооч - Adjective ........ 16
Сын атоочтун даражалары - Degrees of adjectives ........ 16
Сын атоочтун даражаларынын колдонулушу ........ 19
Сын атоочтун синтаксистик функциясы ........ 19
Ат атооч - Pronoun ........ 20
Жактама ат атоочтор ........ 20
Таандык ат атоочтор ........ 21
Өздүк ат атоочтор ........ 21
Мамиле ат атоочтор ........ 22
Шилтеме ат атоочтор ........ 22
Сурама ат атоочтор ........ 22
Күдүк ат атоочтор ........ 23
Ат атоочтордун сүйлөмдө аткарган милдети ........ 25
Сан атооч - Numeral ........ 25
Сан атоочтун сүйлөмдө аткарган милдети ........ 27
Этиш - Verb ........ 28
Өздүк жана өздүк эмес этиштер ........ 28
Туура жана туура эмес этиштер ........ 28
Өтмө жана өтпөс этиштер ........ 29
Негизги, жардамчы жана модалдык этиштер ........ 30
Этиштин жагы жана саны ........ 30
Этиштин морфологиялык мүнөздөмөсү ........ 30
Мамиле - Voice ........ 31
Этиштин чактары – Tenses ........ 31
Белгисиз учур чак - Present indefinite tense ........ 31
Белгисиз өткөн чак - Past indefinite tense ........ 32
Белгисиз келер чак - Future indefinite tense ........ 33
Өткөндөгү белгисиз келер чак - Future indefinite in the past ........ 34
Узак учур чак - Present continuous tense ........ 35
Узак өткөн чак - Past continuous tense ........ 36
Узак келер чак - Future continuous tense ........ 37
Өткөндөгү узак келер чак – Future continuous in the past ........ 37
Учурга чейинки бүткөн чак - Present perfect tense ........ 38
Өткөн учурга чейинки бүткөн чак - Past perfect tense ........ 39

Келер убакытка чейинки бүткөн чак - Future perfect tense.....40
Узак бүткөн чактар - Perfect continuous tenses.....41
Туюк мамиле - Passive voice.....41
Чактардын ээрчишүүсү - Sequence of tenses.....44
Этиштин ыңгайлары - Moods.....44
Буйрук ыңгай - Imperative mood.....44
Шарттуу-ниет ыңгай - Subjunctive mood.....45
Жардамчы этиштер - Auxiliary verbs.....46
Модалдык этиштер - Modal verbs.....49
Этиштин атоочтук түрлөрү - Verbals.....51
Инфинитив - Infinitive.....51
Инфинитивдин бирикмелери.....52
Атоочтук инфинитив бирикмеси.....53
Герундий - Gerund.....53
Атоочтук - Participle.....54
Тактооч - Adverb.....57
Тактоочтун салыштырма даражалары.....58
Байламталар - Conjunctions.....59
Предлогдор - Prepositions.....60
Сырдык сөз - Interjection.....61
Бөлүкчөлөр - Particles.....62
Модалдык сөздөр - Modal words.....62
Сүйлөм - Sentence.....63
Жай сүйлөм - Declarative sentences.....63
'There is (are)' сөз айкашы.....64
Суроолуу сүйлөм - Interrogative sentence.....65
Жалпы суроо - General questions.....65
Атайы суроолор - Special questions.....65
Айырмалоочу суроолор - Disjunctive questions.....66
Альтернативдик суроолор - Alternative questions.....66
Буйрук сүйлөмдөр- Imperative sentences.....66
Илептүү сүйлөмдөр - Exclamatory sentences.....66
Тангыч сүйлөмдөр - Negative sentences.....67
Жактуу, белгисиз жактуу жана ээсиз сүйлөмдөр.....67
Жөнөкөй сүйлөм - Simple sentence.....68
Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү.....68
Ээ - Subject.....68
Баяндооч - Predicate.....69
Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү.....69
Татаал сүйлөмдөр.....70
Имя существительное - Noun.....71
Артикль - Article.....72
Нулевой артикль.....72
Падеж имен существительных - Cases.....75
Сочетания существительных без предлогов.....75
Конверсия - Conversion.....76
Имя прилагательное - Adjective.....76
Имя числительное - Numeral.....78
Местоимение - Pronoun.....79

**Личные местоимения - Personal pronouns ........ 79**
**The demonstrative pronouns ........ 79**
**Наречие - Adverb ........ 80**
**Степени сравнения наречий - Degrees of comparison of the adverbs ........ 81**
**Глагол - Verb ........ 82**
**Инфинитив - Infinitive ........ 82**
**The Present Indefinite (simple) Tense ........ 83**
**The Past Indefinite Tense ........ 84**
**The Future Indefinite (simple) Tense ........ 85**
**The Continuous (progressive) Tense ........ 86**
**The Past Continuous Tense ........ 86**
**The Future Continuous Tense ........ 87**
**The Present Perfect Tense ........ 87**
**The Past Perfect Tense ........ 88**
**The Future Perfect Tense ........ 89**
**Страдательный залог ........ 89**
**Неличные формы глагола ........ 91**
**Инфинитив ........ 91**
**Сложное дополнение ........ 93**
**Инфинитивные конструкции ........ 93**
**Сложное подлежащее - The Complex Subject ........ 93**
**Причастие I ........ 94**
**Причастие II ........ 95**
**Конструкция с причастием ........ 96**
**Независимый причастный оборот ........ 97**
**Герундий - Gerund ........ 98**
**Модальные глаголы ........ 99**
**Наклонение - Mood ........ 101**
**Сослагательное наклонение - Subjunctive Mood ........ 102**
**Предложение - Sentence ........ 103**
**Вопросительное предложение ........ 104**
**The Noun ........ 106**
**Noun Determiners ........ 106**
**Semantic Classification of Nouns ........ 107**
**Types of Nouns According to their Structure ........ 108**
**Grammatical Categories of the Noun ........ 108**
**The Category of Case ........ 109**
**The Functions of the Noun in the Sentence ........ 110**
**The Adjective ........ 110**
**Types of Adjectives According to their Structure ........ 110**
**Qualitative and Relative Adjectives ........ 111**
**Degrees of Comparison ........ 111**
**The Pronoun ........ 112**
**Classification of Pronouns ........ 112**
**Personal Pronouns ........ 113**
**Possessive Pronouns ........ 113**
**Absolute Forms of Possessive Pronouns ........ 113**
**Demonstrative Pronouns ........ 114**
**Interrogative Pronouns ........ 114**

Reflexive Pronouns .......... 114
Reciprocal Pronouns .......... 115
Relative Pronouns .......... 115
Conjunctive Pronouns .......... 115
Defining Pronouns .......... 116
Indefinite Pronouns .......... 116
Negative Pronouns .......... 117
The Numeral .......... 117
The Adverb .......... 117
Types of Adverbs .......... 117
Semantic Classification of Adverbs .......... 118
Degrees of Comparison of the Adverbs .......... 118
The Place of Adverbs in the Sentence .......... 118
Functions of the Adverbs in the Sentence .......... 119
The Verb .......... 119
Finite and Non-Finite Forms of the Verb .......... 119
Main Forms of the Verb .......... 119
Regular and Irregular Verbs .......... 119
Transitive and Intransitive Verbs .......... 120
Verb Structure .......... 120
Classification of Verbs According to their Syntactic Functions .......... 120
The Present Tense of the Common Aspect .......... 121
The Present Tense of the Continuous Aspect .......... 121
The Present Perfect of the Common Aspect .......... 122
The Present Perfect of the Continuous Aspect .......... 123
The Past Tense of the Common Aspect .......... 124
The Past Tense of the Continuous Aspect .......... 124
The Past Perfect of the Common Aspect .......... 125
The Past Perfect of the Continuous Aspect .......... 126
The Future – in – the Past of the Common Aspect .......... 126
The Future Tense of the Common Aspect .......... 127
The Future Tense of the Continuous Aspect .......... 128
The Future Perfect of the Common Aspect .......... 128
The Future Perfect of the Continuous Aspect .......... 129
The Future-in-the-Past of the Continuous Aspect .......... 129
The Future Perfect-in-the-Past of the Common Aspect .......... 130
The Future Perfect-in-the-Past of the Continuous Aspect .......... 130
The Voice .......... 131
Modal Verbs .......... 131
The Peculiarities of Modal Verbs .......... 131
The Modal Expression to have to + infinitive .......... 133
The Category of Mood .......... 134
The Indicative Mood .......... 134
The Imperative Mood .......... 134
The Subjunctive Mood .......... 135
Subjunctive I .......... 135
Subjunctive II .......... 136
Subjunctive III .......... 139
Subjunctive IV .......... 140

**The Non-Finite Forms of the Verb** ..... 141
**The Infinitive** ..... 142
**The Participle** ..... 144
**The Gerund** ..... 147
**The Double Nature of the Gerund** ..... 147
**The Tense Distinctions of the Gerund** ..... 148
**The Voice Distinctions of the Gerund** ..... 148
**The Modal Words** ..... 150
**The Article** ..... 150
**The Indefinite Article** ..... 151
**The Definite Article** ..... 152
**The Preposition** ..... 153
**The Conjunction** ..... 153
**The Interjection** ..... 154
**The Particle** ..... 155

# Кириш сөз

Азыркы учурда чет тилдерин үйрөнүү зарылчылыгы келип чыкты. Ошолордун бири - Англис тилин үйрөнүү. Кандай гана тил болбосун, ал тилди үйрөнүү таттаал. Көптөгөн кыйынчылыктар жана маселелер жаралат. Тил үйрөнүү үчүн, албетте булактар, б.а. окуу куралдар, китептер болуусу шарт. Англис тилинин грамматикасы боюнча көптөгөн окуу куралдар бар, бирок баары орусча. Кыргызчасы абдан аз. Бул маселе кыргыз мектептерде окуп жатышкан окуучулар, жогорку жана орто окуу жайларда кыргыз тайпаларда окуп жатышкан студенттер үчүн бир топ маселелерди жаратат. Демек, англис тилинин камтыган сөздүктөрдүн, сүйлөшмөлөрдүн жана ар кандай кыргызча китептердин жаралышы учурдагы зарыл маселелерден. Мына ушундай милдеттерди аркалап жаралган бул китеп кыргыз окурмандарынын эне тилинде окуп үйрөнүп өздөштүрүүсүн жеңилдетүүгө, англисче сөздөрдү, сөз айкаштарын туура колдонуп сүйлөөгө, жазууга жана машыгууга жардам берүү максаты менен жаралды.

Биздин максат, биринчиден жогорудагы маселелерди бир аз болсо да оңойлотуу, экинчиден англис тилинин грамматикасын үч тилде англис, кыргыз жана орус тилинде салыштырып кыскача берүү, үчүнчүдөн тил үйрөнүүчү үч китептин ордуна бир эле китепти пайдаланса болот деп ойлойбуз.

Ошентип, англис тилин өз эне тилиндей түшүнүүдө, англис тилин кыргыз жана орус тилдерине которууда, кыргыз жана орус тилдерин англис тилине которууда кошумча курал катары кызмат кылат деген ниет менен жаздык.

Англис жана кыргыз тилинин айырмачылыгы төмөндөгүлөр:

1. Кыргыз тилинде 6 жөндөмө, ал эми англис тилинде 2 жөндөмө бар.

2. Кыргыз тилинде сүйлөмдүн түзүлүшү эркин.

**Мисалы**:

*А) Мен кечээ базарга бардым. Б) Кечээ мен базарга бардым. В) Базарга мен кечээ бардым. Г) Базарга кечээ бардым.* (деп айта берсе болот)

3. Англис тилинде сүйлөмдүн түзүлүшү туруктуу:

Биринчи **ээ,** экинчи **баяндооч** андан кийин **башка** сүйлөм мүчөлөрү колдонулат.

**Мисалы**: *А) I helped my mother* ***<u>yesterday.</u>*** *Апама кечээ жардам бердим. Б)* ***<u>Yesterday,</u>*** *I helped my mother.*

Жогорудагы мисалда көрсөтүлгөндөй ***Yesterday*** деген гана сөздү алмаштырууга болот, калганын алмаштырууга болбойт.

4. Кыргыз тилинде этиштин чактары, мамилелери ж.б. өзүлөрүнө тиешелүү мүчөлөр менен түзүлөт. Англис тилинде болсо, этиштин чак жана мамиле категориялары негизинен жардамчы этиштер менен түзүлөт.

**Мисалы**: *I* ***am*** *dancing. I* ***have*** *danced. I* ***shall (will)*** *dance.*

5. Кыргыз тилинде сөз түркүмдөрүн алардын маанисине, мүчөсүнө карата оңой эле айырмалоого болот. Англис тилинде сөздөр көбүнчө мүчөсүз колдонулгандыктан, алардын кайсы сөз түркүмүнө тиешелүүлүгүн сүйлөмдө колдонгондо гана билсе болот.

**Мисалы**: *work–иш, жумуш (зат атооч), иште, жумуш кыл (жаса) (этиш)* ж.б.

*Ар кандай ой-пикирлерди, сындоолорду, кеп-кеңештерди алдын ала ыраазычылык билдирүү менен төмөнкү дарекке жөнөтүүңүздөрдү сурайбыз.*

# Зат атooч – Noun

Зат атоочко:

1. **буюмдар** (*a pen - ручка, a river - дайра, water - суу*)

2. **жандуулар** (*a boy - бала, a dog - ит*)

3. **жалпылагыч** маанини туюндурган сөздөр (*action - кыймыл, work - иш, жумуш, cold - суук, love - сүйүү*) киришет.

Англис тилинин зат атоочтору өзүлөрүнө мүнөздүү болгон белгилери менен кыргыз тилинин зат атоочторунан айырмаланып турат. Алар төмөндөгүлөр:

1. Зат атоочтор менен **a, an** (белгисиз), **the** (белгилүү) артиклдер колдонулат:

*He is a student. Ал студент.*

*The book is on the table. Китеп столдун үстүнө жатат (турат).*

2. **Жансыз** зат атооч сөздөр жөндөмөлөр менен жөндөлбөйт. Ал эми **жандуу** зат атоочтор жалпы жөндөмө (*a cat - мышык, cats - мышыктар*) жана таандык жөндөмө (*cat's - мышыктын, cats' - мышыктардын*) деген эки жөндөмө менен жөндөлөт: *The boy's name is Talgat. Баланын аты Талгат.*

3. Зат атоочтор сүйлөмдө предлогдор менен бирге колдонулат:

*We are at the bus station. Биз автобекеттебиз.*

## Зат атоочтун бөлүнүшү

**1. Жөнөкөй зат атооч:** *pen, man, son, door, bed, chair, boy, girl.*

**2. Туунду зат атооч.** *teach+er – мугалим, окутуучу; free+dom – эркиндик; work+er – жумушчу.*

### Куранды мүчөлөр

| | |
|---|---|
| **-ness**; *hardness, darkness* | **-ment**; *fulfillment, payment* |
| **-ation**; **(-tion**, **ion)**; *production* | **-er (or)**; *reader, leader, sailor* |
| **-ity**; *speciality, activity* | **-hood**; *brotherhood, childhood* |
| **-dom**; *freedom, kingdom* | **-ship**; *friendship* |

**Татаал зат атооч**: *railway – темир жол; ink - pot – сыя челек; chalkboard – доска (тактай).*

**Жалпы** (Common nouns) зат атоочтор төмөндөгүчө бөлүнүшөт:

а) **Белгилүү** айкын зат атоочтор (Concrete nouns): *book – китеп; country – өлкө* ж.б.

б) **Бир топтуу** зат атоочтор (Collective nouns): *people – эл* ж.б.

в) **Буюмдук** зат атоочтор (Material nouns): *gold – алтын; aluminum – алюминий; water – суу* ж.б.

г) **Жалпы туюнтмалуу** зат атоочтор (Abstract nouns): *courage – эр жүрөктүүлүк; kindness – жакшылык* ж.б.

**Энчилүү** (Proper Nouns) зат атоочтор: *Bakyt – Бакыт; Bishkek – Бишкек* ж.б.

**Саналуучу** (countable) зат атоочтор: *a cat – 10 cats, a ball –2 balls*

**Саналуучу** зат атоочтор **жекелик** жана **көптүк** санда болот. Жекелик санда турганда алардын астына белгисиз артикль колдонулат: *a cat – cats, a ball- balls, a table – tables*

**Саналбоочу** (uncountable) зат атоочтор: *beauty-коздук, сулуулук, love-сүйүү, life-жашоо, турмуш.*

**Саналбоочу** зат атоочтордун көптүк саны жок. Алардын алдында белгисиз артикль колдонулбайт. Эгерде аларды белгилүү категориядагы буюмдардын ичинен бөлүп айтса, белгилүү артикль колдонулат: *The watch is made of gold. Саат алтындан жасалган.*

## Жөндөмө - Case

**1. Жалпы** жөндөмө (The common case)

**2. Таандык** жөндөмө (The possessive case)

## Жалпы жөндөмө - Common case

Жалпы жөндөмөдөгү зат атоочтор сүйлөмдөгү башка сөздөргө болгон мамилесин кандайдыр жардамчы каражаттар аркылуу беришет:

*Мугалим биздин ферма жөнүндө айтып берди.*

*The teacher spoke about our farm.*

Кыргыз тилинин атооч жөндөмөсүндөгү зат атоочтор сүйлөмдө ээнин жана атоочтук баяндоочтун милдетин аткарса, англис тилинин жалпы жөндөмөсүндөгү зат атоочтор өздөрүнүн колдонулушуна карата сүйлөмдүн бардык мүчөлөрүнүн милдетин аткара алат:

*The sofa is in the room. Диван бөлмөдө.*

## Таандык жөндөмө - Possessive case

Таандык жөндөмө экинчи заттын биринчисине таандык экендигин билгизет да, кыргыз тилинин илик жөндөмөсүнө окшош. Зат атоочтун таандык жөндөмөсү жекелик санда турган заттарга **апостроф ('), s (-'s)** улоо жана **of** предлогун колдонуу менен түзүлөт.

**-'s** мүчөсү каткалаң үнсүздөрдөн кийин **s** болуп, жумшак үнсүздөрдөн жана үндүүлөрдөн кийин **z** болуп, **ch, sh, ss, g, x** тамгалардан кийин **iz** болуп окулат: *student – student's - студенттин  friend - friend's – достун*

**-«s»** мүчөсү менен бүтүп, көптүк санда турган зат атоочтордун таандык жөндөмөсү жалгыз гана **-'** апострофту улоо менен түзүлөт:

*pupils–pupils' –окуучулардын*

Эгерде көптүк сандагы зат атоочтордун аягы **-s** менен бүтпөсө, анда таандык жөндөмөдөгү зат атоочторго **-'s** уланат:

*children–children's ... – балдардын ...*

*women – women's .... – аялдардын ...*

Таандык жөндөмөдөгү зат атоочтор негизинен алардын бир нерсеге таандыгын же алардын катнаштыгын көрсөтүү менен, өзүнөн кийин турган зат атоочко аныктооч болуп милдет аткарат:

*Maria's brother plays tennis every day (катнаштык). Мариянын агасы (байкеси, акеси) ар күнү теннис ойнойт.*

Эгерде зат атооч сөздөрдүн алдында эки же андан көп аныктооч колдонулса, таандык жөндөмөнүн мүчөсү эң акыркы сөзгө уланып колдонулат:

*T. Kasymbekov's works. Т. Касымбековдун эмгектери.*

Жансыз зат атоочтор жана бөлөк сөздөр менен таандык зат атоочтун мүчөсү төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Убакытты, аралыкты жана наркты туюндурган зат атоочтор менен (*minute, hour, year, day, week, month, mile, moment*) ж.б.

*There was a moment's silence. Бир минута унчукпай турушту.*

*2.* Географиялык энчилүү аттар жана *town, city, country, the world, the earth, the sun, the sea, the ocean* деген зат атоочтор менен:

*All the country's people welcomed his coming.*

*Өлкөнүн бардык эли анын келишин куттуктады.*

3. *Party, company, union, army, government, family* ж.б. жалпылагыч маанидеги зат атоочтор менен:

*The government's decree. Өкмөттүн чечими.*

4. Зат атооч сөздөрдөн түзүлгөн *today, yesterday, tomorrow, tonight* деген тактооч сөздөр менен:

*At yesterday's lesson we spoke about revolution.*

*Кечээ күнкү сабакта төңкөрүш жөнүндө сөз кылдык.*

## Зат атоочтун саны - Numbers

Англис тилинде зат атоочтор **жекелик** жана **көптүк** санда өзгөрөт:

*pen – pens, table – tables, lady – ladies.*

Зат атоочтун көптүк саны өзүнчө туруп, санала турган заттар үчүн гана колдонулат.

Көптүк санды уюштуруучу негизги мүчө **- (e) s** болуп саналат:

*Book – books, friend – friends*

Эгерде зат атоочтор **-s, -ss, x, -sh, -ch** тамгалары менен аяктаса, анда **-es** мүчөсү колдонулат:

*box – boxes, dress – dresses, glass – glasses*

Көптүк сандын **-(e)s** мүчөсү каткалаң үнсүздөрдөн кийин |**s**|, жумшак үнсүздөрдөн жана үндүүлөрдөн кийин |**z**|, ал эми **-s, -ss -x, -sli, -ch** тамгаларынан кийин |**iz**| болуп окулат:

*Book - books, lamp – lamps, table – tables.*

Эгерде уңгу сөздүн аягы **f** же **fe** тамгалары менен бүтсө, көптүк санды түзүүдө бул тамгалар жумшак үнсүз **v** ге өтүп **-ves** болуп жазылат жана **(vz)** болуп окулат.

*wife – wives, kinfe – knives.*

Зат атоочтун аягы **-y** тамгасы менен аяктап, үнсүздөн кийин келсе, көптүк санды түзүүдө ал **-i** тамгасына өтүп, **-es** мүчөсү уланат да, **(iz)** болуп окулат: *army – armies, country – countries.*

Ал эми **-y** дан мурун үндүү тамга келсе, анда **-y** өзгөрбөйт:

*toy – toys, play – plays*

**О** тамгасы менен бүтүүчү көпчүлүк зат атоочторго көптүк санда **-es** мүчөсү жалганат да, **(z)** болуп окулат:

*hero – heroes* *potato – potatoes*

Анчалык көп эмес зат атоочтор көптүк санды уңгунун үндүү тыбыштарын өзгөртүү аркылуу түзөт, эч кандай мүчө уланбайт; көптүк санды түзүүнүн мындай жолу белгилүү зат атоочтор тобунда гана сакталып калган:

*man – men,* *tooth – teeth*

*woman – women* *foot - feet*

Кээ бир зат атоочтор көптүк сандарын байыркы убактан калган мүчөнүн жалганышы менен түзөт:

*ox – oxen* *child – children*

Англис тилинде кээ бир зат атооч сөздөр көптүк гана санда колдонулат:

*trousers – шым (-дар) spectacles – көз айнек (-тер), scissors – кайчы (-лар), clothes – кийим, contents – маани, goods – товар, riches – байлык* ж. б.

Англис тилинде саналбай турган жалпы туюндурма мааниде колдонулуучу зат атооч сөздөр жалгыз гана жекелик санда колдонулат.

Кыргыз тилинде болсо, мындай зат атооч сөздөрдүн көптүк санда да колдонуу мүмкүнчүлүгүнө карабастан, алар көпчүлүк убакта жекелик санда колдонулат: *friendship – достук, peace – тынчтык, money – акча ж. б.*

Кээ бир зат атоочтор кыргыз тилинде көптүк жана жекелик санда колдонула беришет:

*advice – кеңеш, кеңештер, business – иш, иштер; hair– чач, чачтар ж. б.*

Жалпылагыч маанидеги *people–адам, киши; cattle – мал; police – полиция;* жана сын атооч менен атоочтуктан түзүлгөн *the poor – кедейлер, жардылар; the rich – байлар; the wounded – жарадарлар* ж.б. зат атоочтор жекелик санда колдонулуп, сүйлөмдүн баяндоочу менен көптүк санда айкалышат. Кыргыз тилинде булар эки санда тең колдонула беришет:

*There are many people in the street. Көчөдө көп кишилер бар.*

## Род - Gender

1. Эркектик түшүнүктү көрсөткөн зат атоочтор **мужской** родго таандык *(a father – ата, a brother – байке, аке, a son – уул, бала)*

2. Ургаачыга тиешелүү болгон түшүнүктү көрсөткөн зат атоочтор **женский** родго таандык *(a mother – эне, a girl- кыз)*

*3.* Жансыз буюмдарды жана айбанаттарды туюндурган сөздөр **средний** родго таандык *(a ball–топ, a cat – мышык, a table – стол, a dog – ит)*

Англис тили кыргыз тилинен бир өзгөчөлүгү зат атооч сөздөрдүн кайсы родго таандык экени аларды өздүк (же таандык) ат атоочтор менен алмаштырып колдонгондо ачык көрүнүп турушу:

*he (his) - ал (анын) – мужской род үчүн;*

*she (her) – ал (анын) - женский род үчүн;*

*it (its) – ал (анын) – средний род үчүн.*

Кээ бир зат атооч сөздөр өзүлөрүнүн лексикалык маанилерине карата мужской родго да, женский родго да таандык болушат:

*teacher – мугалим, окутуучу* *friend – дос*

Мындай сөздөрдүн мужской же женский родго таандыгын айгинелеп, зат атоочторго мужской родду көрсөтүш үчүн **boy, male, man** же **he,** ал эми женский родду болсо **girl**, **female, woman** же **she** сөздөрдү жалгап колдонсо болот:

*boy - friend – дос бала* *girl - friend – дос кыз*

*he - cat – эркек мышык*

Кээ бир лексикалык мааниси боюнча мужской роддо гана колдонулган зат атоочторго **-ess** суффиксин улап женский родду түзсө болот:

| **Мужской род** | **Женский род** |
|---|---|
| *lion – арстан* | *lioness –ургаачы арстан* |
| *actor – актер* | *actress – актриса* |

## Зат атоочтун сүйлөмдө аткарган милдети

Зат атоочтор сүйлөмдө көбүнчө **ээнин** же **толуктоочтун** милдетин аткарышат:

*The girl will give the pen to her sister. Кыз калем сапты сиңдисине берет.*

The girl – **ээ**, the pen – **тике толуктооч**, to sister – **предлогдуу толуктооч**.

Зат атоочтор сүйлөмдө:

1. **Аныктоочтун** милдетин аткарышат:

*I go to the city library every day.*

*Мен ар күнү шаардык китепканага барамын.*

2. **Атоочтук татаал баяндоочто** предикативдин да милдетин аткарышат:

*He is my brother, he is a schoolboy.*

*Ал менин бир тууганым, ал окуучу.*

3. **Бышыктоочтун** милдетин аткарышат:

*She goes to school in the morning.*

*Ал мектепке эртең менен барат.*

to school – орун бышыктооч, in the morning–мезгил бышыктооч.

## Артиклдер - Articles

**1. Белгисиз** (the indefinite article) – **a, an (э, эн).**

**2. Белгилүү** (the definite article) – **the (зе, зи)**.

Булар дайыма зат атоочтордун алдында колдонулат.

**Белгисиз** артикль бир тектеги зат атоочтордун кайсы бирөө жөнүндө сөз болуп жаткандыгын билгизүү маанисинде колдонулат.

*My brother is a teacher. Менин байкем мугалим.*

Белгисиз артикль кыргыз тилине которулбайт, бирок кээде аны **«бир», «кээ бир», «кандайдыр», «кайсы гана болбосун»** деп которсо болот:

*A man was standing at the window. Бир (кандайдыр бир) киши терезенин жанында турган.*

**Белгилүү** артикль бир текстеги зат атоочтордун ичинен белгилүү бирөө гана жөнүндө сөз болуп жаткандыгын билгизүү маанисинде колдонулат.

*Give me the book, please! Мага китепти берип койчу!*

**Белгилүү** артикль да кыргыз тилине которулбайт, бирок кээде аны **бул (булар), тиги (тигилер)** деген сөздөр менен берүүгө болот:

*The book was written by Ch. Aitmatov. Бул китеп Ч. Айтматов тарабынан жазылган.*

**Белгисиз артикль** эки бөлөк айтылат да, эки бөлөк жазылат:

1. Белгисиз артиклден кийинки колдонулган сөз үнсүз тыбыштар менен башталса **a [э]** колдонулат: *a day, a pen.*

2. Белгисиз артиклден кийинки колдонулган сөз үндүү тыбыштар менен башталса **an [эн]** колдонулат:

*an apple, an old man.*

Белгилүү артикль **the** эки бөлөк айтылат.

Эгерде артиклден кийинки сөз **үнсүз** тыбыш менен башталса **[зэ]** болуп: *the day, the pen, ал эми* кийинки сөз **үндүү** тыбыш менен башталса **[зи]** болуп айтылат: *the old man*

## Белгисиз артиклдин колдонулушу

1. Атоочтук татаал баяндоочтогу зат атоочтун алдында:

*His father is a worker. Анын атасы жумушчу.*

2. There is (are) түрмөктөрүнөн кийин ээнин милдетин аткарган зат атооч менен: *There is an interesting book on the table. Столдун үстүндө кызыктуу китеп жатат.*

3. Илептүү сүйлөмдөгү зат атоочтордон мурун:

*What a nice day today! Бүгүн күн кандай сонун!*

4. *Hundred, thousand, million* деген сан атоочтор жана убакытты, аралыкты, салмакты туюндурган зат атоочтор менен one (бир) деген сан атоочтун маанисинде: *My friend goes to the library twice a week. Менин досум китепканага жумасына эки жолу барат.*

5. *To have, to take, to give* менен түзүлгөн *(to have a good time, to have a headache, to have a swim, to take a walk, to take a shower, to take a bath, to give a hand* ж. б.) жана *as a rule, to be in a hurry, to be at a loss; It's a pity... It's a shame..., not a word* ж. б. сөз айкалыштарында.

6. Жалпылагыч буюмдук маанидеги зат атоочтордун маанисин өзгөртүп, аларды белгилүү бир буюмдун аты катарында колдонгондо:

*iron – темир      an iron – үтүк*

*ice – муз  an ice – муздатма, муздак ширин*

7. Сүйлөөчү адам туюндурма түшүнүктү берүүчү зат атоочторду саналуучу белгилүү бир касиетке ээ кылып колдонгондо:

*science – илим (жалпы)*

*a science – илимдин бир тармагы*

8. *Half* – жарым деген сөздөн кийин колдонулган зат атоочтор менен:

*He was standing half a meter from the car. Ал машинадан жарым кадам аралыкта турган.*

## Белгилүү артиклдин колдонулушу

1. Зат атоочтон мурда иреттик сан атооч, күчөтмө сын атооч же *following, last, next, same, only (жалгыз, жеке)* деген сөздөр колдонулганда:

*This is the shortest way to the city. Бул шаарга баруучу эң кыска жол.*

Эскертүү: **next** жана **last** менен түзүлгөн төмөнкү сөз түрмөктөрүндө артикль колдонулбайт: *next door – коңшу; кийинки эшик; next week – келерки жума; next month, next year, next summer, next Sunday, next time – кийинки жолу, last week – өткөн жумада, last month, last year, last Saturday.*

*I'll come back next week. Мен келерки (кийинки) жумада келем.*

2. Контекст аркылуу мурунтадан эле белгилүү болгон буюмдар же адамдар жөнүндө сөз болгондо: *The street was covered with dirty. Көчө балкыч эле.*

3. Сүйлөшүп жаткандардын ошол убакта айлана-чөйрөсүндө турган же алардын экөөнө тең мурунтадан белгилүү болгон буюмдар жана адамдар тууралуу сөз козголгондо:

*Go to the blackboard! Write the word «table», please. Доскага бар! «Table» деген сөздү жаз!*

4. Бирден-бир жалгыз түшүнүктү туюндурган сөздөр менен: *the sun – күн, the moon – ай, the Russian (English) language – орус (англис ж. б.) тили, the world – дүйнө жүзү , the sky – асман, the air – аба* ж. б.

5. Кээ бир энчилүү атты туюндурган зат атоочтор да белгилүү артикль менен колдонулат:

а) Дарыя, деңиз, асман, тоо тизмектери ж. б. географиялык аттар:

*The Neva, the Thames, the Black Sea, the Atlantic Ocean, the Alps, the Canary Islands ж.б.*

б) Кээ бир өлкөлөрдүн, жерлердин жана шаарлардын аттары:

*The former Soviet Union – баштапкы Советтер Союзу, the USSR – СССР, The United States – Кошмо Штаттар, the Ukraine – Украина, the Crimea – Крым.*

**Эскертүү**:

1. Көчөлөрдүн жана аянттардын аттарынан мурун артикль колдонулбайт.

2. Бир сөздөн турган жана аныктоочу менен бирге берилген өлкөлөрдүн, шаарлардын аттары артиклсиз колдонулат:

*Russia, Moscow, Tashkent, Бишкек ж. б.*

в) Кемелердин, мейманканалардын жана гезиттердин аттары:

*the Agym, the Kyrgyzstan, the Worker ж. б.*

г) Көптүк сандагы энчилүү зат атоочтор бир үй-бүлөнү туюндурса:

*the Wilson's – Уилсондор, the Bakyt's – Бакытовдор/Бакыттын үй бүлөсү.*

6. Бир маанидеги жеке түшүнүктү туюндурган зат атоочтор жалпылагыч маанисинде колдонгондо:

*The lion is the King of beasts. Арстан айбанаттардын падышасы.*

## Артикль колдонулбай турган учурлар

1. Жалпы туюнтмалуу түшүнүк берүүчү зат атоочтордон мурун:

*Friendship is founded on mutual trust and respect.*

*Достук бири-бирине ишенүү жана сыйлоого негизделет.*

2. Энчилүү аттардан мурун:

*Bolot, Moscow, Tokmok, Кант, China, Germany.*

3. Наамды, даражаны жана кайрылууну энчилүү ат менен бирге колдонгондо: *Professor Akmatov, Mr. Smith.*

4. Жуманын күндөрүнүн, айлардын жана жыл мезгилдеринин аттарынын алдында: *on Sunday – Жекшемби күнү, in October – Октябрда*

**Эскертүү**: Эгерде белгилүү бир дата же убакыт айтылса, анда белгилүү артикль колдонулат:

*the spring of 2005 – 2005-жылдын жазы*
*the March of 2005– 2005-жылдын марты*

5. Үй-бүлөдөгүлөрдүн бири-бирине кайрылуусунда: *father, mother, uncle, aunt.*

6. *Breakfast, dinner, lunch, supper* деген зат атоочтордун алдында:

*We have dinner at home. Биз үйдө түштөнөбүз.*

## Сын атооч - Adjective

**Жөнөкөй** сын атоочтор: *red, short, good, black, white, blue, long, tall*

**Курама** сын атоочтор: *useful – пайдалуу, incorrect – туура эмес, unkind – мээримсиз*

**Эскертүү**: Англис тилинде сын атооч сөздөрдүн өзүнө тиешелүү суффикстери бар. Ал суффикстерди зат атооч жана этиш сөздөргө улоо менен сын атоочту түзүп алууга болот:

**ful**; *useful, hopeful, helpful*
**less**; *useless, hopeless, helpless*
**able**; *comfortable*
**y**; *hearty, sunny, lucky*
**ish**; *reddish, sweetish, childish*

**Татаал** сын атоочтор: *well-known – белгилүү over-polite – абдан сылык*

**Сапаттык** сын атоочтор:

1. салыштырма даражада өзгөрө алышат: *hot – hotter – the hottest ысык – ысыгыраак – абдан ысык*

2. даражаны көрсөткөн тактоочтор менен аныктала алышат:

*very hot–абдан ысык* *ather interesting–кадыресе кызык*

**Таандык** сын атоочтор:

*a wooden table – жыгач стол* *a Russian girl – орус кызы*

Мындай зат атоочтордун сын даражасы жок болот. Көпчүлүк убактарда таандык сын атоочтун милдетин зат атооч менен эч кандай сын атоочту көрсөтө турган мүчө улабастан берүү, айрыкча англис тилине мүнөздүү өзгөчөлүк болуп эсептелет.

*A city library – шаардын китепканасы* *a gold watch – алтын саат*

## Сын атоочтун даражалары - Degrees of adjectives

1. **Жай даража** (Positive degree)
2. **Салыштырма даража** (Comparative degree)
3. **Күчөтмө** (Superlative degree).

**Жай даражадагы** сын атоочтор:

1. Бир муундуу жана кээ бир эки муундуу сын атооч сөздөрдүн салыштырма жана күчөтмө даражасы аягына **-er, -est** суффикстерин улоо менен түзүлөт:

| Жай даража | Салыштырма даража | Күчөтмө даража |
|---|---|---|
| *large чоң*<br>*short кыска* | *larger чоңураак*<br>*shorter кыскараак* | *the largest абдан чоң*<br>*the shortest абдан кыска* |

**-er, est** суффикстери менен сын атоочтун даражаларын түзүүдө төмөндөгүдөй жазуу эрежелерин сактоо керек:

а) **er, -est** суффикстеринен мурун сөздүн аягындагы **«е»** тамгасын түшүрүп колдонуу керек: *large – larger – the largest*

б) Эгерде сын атоочтун аягындагы жалгыз үнсүздөн мурун кыска үндүү болуп, ага басым түшсө **-er, -est** суффикстерин улаганда, ал үнсүз экөө болуп жазылат: *big – bigger – the biggest, hot – hotter – the hottest, red – redder – the reddest*

в) Эгерде сын атоочтун аягындагы **«у»** тамгасынан мурун үнсүз тамга келсе **-er, -est** суффикстерин жалгаганда **y – i** га өтүп кетет: *dry – drier – driest*

г) «Strong, long, youngдардын» сын жана күчөтмө даражасын окуганда, алардын акыркы **g** тыбышы кошо айтылат: *long – longer – the longest*

д) **-er, -re** менен аяктаган сын атоочтордун сын жана күчөтмө даражасын окуганда акыркы **r** тыбышы айтылат: *clear - clearer – the clearest.*

2. Көпчүлүк эки муундуу жана бардык көп муундуу сын атоочтордун даражаларын түзүш үчүн **more** (салыштырма), **the most** (күчөтмө) колдонулат:

| Жай даража | Салыштырма даража |
|---|---|
| *beautiful сонун*<br>*difficult оор, кыйын* | *more beautiful сонунураак*<br>*more difficult оорураак, кыйыныраак* |

| Күчөтмө даража |
|---|
| *the most beautiful абдан сонун*<br>*the most difficult абдан оор, абдан кыйын* |

3. Заттын сынын же сыпатын кичирейтип көрсөтүү үчүн **less** салыштырма, **least** күчөтмө даража да колдонулат. Кыргыз тилинде **«кичине эле»** жана **«анча эмес»**, **«эң эле»** деген сөздөр менен берилет:

| Жай даража | Салыштырма даража |
|---|---|
| *beautiful*<br>*difficult* | *less beautiful анча сонун эмес*<br>*less difficult жеңилирээк* |

| Күчөтмө даража |
|---|
| *least beautiful эч деле сонун эмес*<br>*least difficult эң жеңил* |

Кээ бир сын атоочтор өздөрүнүн салыштырма даражаларын башка уңгуга өтүп кетүү менен түзүшөт. Кыргыз тилинде алар калган сын атоочтордой эле ошол эле уңгуну өзгөртүү менен берилет:

| Жай даража | Салыштырма даража | Күчөтмө даража |
|---|---|---|
| *good жакшы* | *better жакшыраак* | *the best абдан жакшы* |
| *bad жаман* | *worse жаманыраак* | *the worst абдан жаман* |
| *little кичинекей* | *less кичинерээк* | *the least абдан кичине* |
| *much, many көп* | *more көбүрөөк* | *the most абдан көп* |

Кээ бир сын атоочтор сын жана күчөтмө даражада эки башка болуп колдонулат. Анткени, алар эки маанини туюндуруп турушат:

| | |
|---|---|
| *old* | *older – the oldest* |
| | *elder – the eldest* |

**Эреже катары:**

*older – карыраак, улуураак, эскирээк*

*oldest – абдан (эң) кары, улуу, эски*

(бир үйбүлөнүн мүчөсү болбогон адамдар же жансыз буюмдарды туюндуруу үчүн колдонулушат):

*Asan is the oldest boy in our street.*

*Асан биздин көчөдөгү эң улуу бала.*

**Elder**– улуу, улуураак, **the eldest** – эң улуу (бир үйбүлөнүн ичиндеги жаштык мамилени туюндурат):

*His eldest son is a teacher. Анын эң улуу уулу мугалим.*

| | |
|---|---|
| *late* | *later – the latest* |
| | *latter – the last* |

**Later** – кечирээк, **the latest** – эң кеч, акыркы убакыт жөнүндө сөз козгогондо колдонулат: *I read Ch. Aitmatov's latest book. Мен Ч. Айтматовдун эң акыркы китебин окудум.*

**Latter** – экөөнүн акыркысы, **the last** – эң акыркы окуянын же заттардын бири-биринин артынан келишин туюндуруш үчүн колдонулат: *I met him on the last day of May. Мен аны майдын эң акыркы күнүндө жолуктурдум.*

**Last–өткөн** маанисинде *last week, night, year, month,* ж. б. сөз түркүмдөрүндө артиклсиз колдонулат:

| | |
|---|---|
| ***far*** | ***farther – the farthest*** |
| | ***further – the furthest*** |

**Farther** – алысыраак, **the farthest** – эң алыс аралык жөнүндө сөз козголгондо колдонулат: *Tokmok is farther than Kant from Bishkek. Токмок Кантка караганда Бишкектен алысыраак.*

**Further** – 1.алысыраак; 2.кийинки, андан кийинки; **the furthest** – эң алыс аралыкты жана окуянын же заттардын бири-биринин артынан келишин туюндуруш үчүн колдонулат.

Англис тилинде салыштырганда **than** –дан (караганда) деген байламта колдонулат. Бир өңчөй эки затты салыштырганда, кайра-кайра кайталабас

үчүн **one** деген сөз менен экинчиси алмаштырылат. Кыргыз тилинде заттын өзүн айтуу менен гана берүүгө болот.

*A red pencil is longer than a black one. Кызыл карандаш кара карандаштан узунураак.*

Ошондой эле мурун эскертилинген затты алмаштырыш үчүн **that** жекелик санда, **these, those** көптүк санда колдонулат:

*Heat capacity of alcohol is less than that of mercury. Спирттин жылуулук сыйымдуулугу сымаптыкынан аз.*

Салыштырма даражадагы сын атоочторду күчөтүбүрөөк айтыш үчүн **much, far, still, ever** деген сөздөр колдонулат.

*much more – бир топ көбүрөөк*

*much longer – бир топ узунураак*

## Сын атоочтун даражаларынын колдонулушу

Сын атоочтун **жай даражасы** негизинен бир гана заттын сын-сыпатын көрсөтүш үчүн колдонулат: *It is a long way to the village from here. Бул кыштакка чейинки алыс жол.*

Бирдей сапаттагы эки затты салыштырып көрсөтүш үчүн **as … as** менен колдонулат: *He's as busy as a bee. Ал аарыдай эле ишмер.*

Бир заттын сапатынын экинчи затта жоктугун же аздыгын **not so** ... **as** менен көрсөтүүгө болот: *Our garden is not so big as yours. Биздин бак силердикиндей чоң эмес.*

Сын атоочтун **салыштырма** даражасы бир заттын же кандайдыр сапаттын, экинчи бир заттын же сапаттын сын-сапатынын жогорку деңгээлин туюндуруш үчүн колдонулат: *He is younger than my brother. Ал менин бир тууганымдан жашыраак.*

Сын атоочтун күчөтмө даражасы бир топ заттарды салыштырганда, анын арасында бирөөнүн эң жогорку сапатта экендигин көрсөтүш үчүн колдонулат жана анын алдына дайыма белгилүү артикль коюлат:

*Bishkek is the biggest city in our country. Бишкек биздин өлкөдөгү эң чоң шаар.*

**Күчөтмө даража** төмөндөгүдөй түрмөктөрдө көбүрөөк жолугат:

1. Аныктоочтук багыныңкы сүйлөмдөрдө:

*This is the most interesting film I have ever seen. Бул мен көргөн кинолордун ичинен эң кызыктуу кино.*

2. **In, of** ж. б. предлогдору менен:

*It is the largest room in this flat. Бул квартирадагы эң чоң бөлмө.*

## Сын атоочтун синтаксистик функциясы

Сын атоочтордун милдети:

1. Зат атоочко **аныктооч** болушат:

*It was an old house with high walls. Бул дубалдары бийик эски жай эле.*

2. **Баяндоочтук** милдетти аткара алышат:

*The sea was still – деңиз тынч эле. The day was hot – күн ысык болчу.*

Кээ бир сын атооч сөздөр заттык маанидеги касиетке ээ болгондуктан зат атоочтун милдетин аткарышып, сүйлөмдө толуктоочтук, ээлик милдетти аткарышат. Бул учурда алардын алдына белгилүү артикль колдонулат.

*The rich and the poor live in different parts of London. Байлар жана кедейлер Лондондун ар башка жагында жашашат.*

## Ат атооч - Pronoun

**Жөнөкөй** ат атоочторго бир уңгудан турган сөздөр киришет:

*I, he, she, my, me, much, what, who ж. б.*

**Татаал** ат атоочторго эки сөздөн түзүлгөн ат атоочтор киришет:

*somebody, nothing, myself ж. б.*

Англис тилинде ат атооч өзүнүн маанисине карата 7ге бөлүнөт:

1. **Жактама** ат атоочтор (Personal pronouns)

*I, he, she, it, we, you, they (me, him, her, it, us, you).*

2. **Таандык** ат аточтор (Possessive pronouns)

1-түрү – *my, his, her, its, our, your, their*

2-түрү – *mine, his, hers, ours, yours, theirs*

3. **Өздүк** ат атоочтор (Reflexive pronouns)

*myself, yourself, himself, herself, itself, ourselves, yourselves, themselves.*

4. **Мамиле** ат атоочтор (Reciprocal pronouns)

*each, other, one another*

5. **Шилтеме** ат атоочтор (Demonstrative pronouns)

*this, that, these, those*

6. **Сурама** ат атоочтор (Interrogative pronouns)

*who (whom, whose), what, which*

7. **Күдүк** ат атоочтор (Indefinite pronouns)

*some, any, no, every, much, many, few, little, one, none, all, both, each, either, neither, other, somebody, something, someone ж. б.*

## Жактама ат атоочтор

**Жактама** ат атоочтор дайыма жакты көрсөтөт. Жактама ат атоочтордун эки жөндөмөсү бар: **атооч** жана **объект**.

| | **Атооч** | **Объект** |
|---|---|---|
| **1** | *I мен* | *Me мени, мага* |
| **2** | *You сен, сиз* | *You сени, сага, сизди, сизге* |
| **3** | *S\|he, it ал* | *Her, him, it аны, ага* |
| **1** | *We биз* | *Us бизди, бизге* |
| **2** | *You силер, сиздер* | *You силер(ди), (ге), сиздер(ди), (ге)* |
| **3** | *They алар* | *Them аларды, аларга* |

**He** – эркек үчүн колдонулат:

*He is my friend. Ал (бала, киши) менин досум.*

**She** – аял үчүн колдонулат:

*She studies at school. Ал (кыз) мектепте окуйт.*

**It** жансыз зат атоочтор үчүн колдонулат:

*I left it on the table. Мен аны столдо калтыргам.*

**Эскертүү: «I»** деген ат атооч дайыма чоң тамга менен жазылат:

*May I go to the garden? Мага бакка барууга болобу?*

Эскертүү: **«you» - сен, сага, сиз, сизге, силерге, сиздеге** деп которулат:

*I haven't seen you for ages. Мен сени (сизди) көптөн бери көрө элекмин.*

Эки жөндөмөдө **«it»** дагы бир формада гана колдонулат: *This is my book. It is very interesting. Do you take it? Бул менин китебим. Ал абдан кызыктуу. Сен аны аласыңбы?*

## Таандык ат атоочтор

**Whose? – Кимдики?** деген суроого жооп берет. Бул ат атоочтордун эки түрү бар:

| **1-түрү** | **2-түрү** |
|---|---|
| **жекелик саны** | |
| *my менин*<br>*his, her, its анын* | *mine меники*<br>*his, hers, its аныкы* |

| **көптүк саны** | |
|---|---|
| *our биздин*<br>*your силердин, сиздердин*<br>*their алардын* | *ours биздики*<br>*yours силердики, сиздердики*<br>*theirs алардыкы* |

## Өздүк ат атоочтор

**Өздүк** ат атоочтор жактама жана таандык ат атоочтордун жекелик санына – **selfти,** көптүк санына – **selvesди** улоо менен түзүлөт:

| **Жак** | **Жекелик саны** |
|---|---|
| 1 | *myself өзүм* |
| 2 | *yourself өзүң, өзүңүз* |
| 3 | *himself, herself, itself өзү* |
| | **Көптүк саны** |
| 1 | *ourselves өзүбүз* |
| 2 | *yourselves өзүңөр, өзүңүздөр* |
| 3 | *themselves өзүлөрү* |

Англис тилинин өздүк ат атоочторун кыргыз тилине **өз** деген бир сөз менен гана берүүгө болот: *I saw myself in the mirror. Мен өзүмдү күзгүдөн көрдүм.*

Шилтеме жана таандык ат атоочторго караганда экинчи жактын өздүк ат атоочунун жекелик **(yourself)** жана көптүк **(yourselves)** сандары бар:

*Do it yourself, Daniel! Муну өзүң жасагын, Даниел!*

Көпчүлүк убактарда белгилүү даана кыймыл-аракетти көрсөткөн *to wash – жуун, to dress–кийин, to shave – сакал ал* ж. б. этиш сөздөрүнөн кийин

мамиле ат атоочтор колдонулбайт: *He bathed and shaved with care. Ал сууга түшүп жана тыкандык менен сакалын алды.*

Ат атооч **oneself** мааниси боюнча белгисиз жакты көрсөткөндүктөн **one** белгисиз ат атоочу ээлик милдетти аткарганда өздүк мамилени көрсөтүш үчүн колдонулат: *It is such a thing that one cannot do oneself. Бул өзүң жасай албай турган ушундай иш.*

Өздүк ат атоочтор зат атоочтун маанисин баса билгизүү үчүн да колдонулат. Эгерде алар ээге тиешелүү болсо сүйлөмдүн аягында, башка учурларда өзүлөрү таандык сөздөрдөн кийин колдонулат:

*You must do it yourself. Муну сен өзүң жасашың керек.*

## Мамиле ат атоочтор

Англис тилинде 2 мамиле ат атооч бар: *each other – бири-бирин, one another – бирөө-бирөөнө, бири-бирин*

**each other** эки кишинин мамилесин көрсөтсө, **one another** экиден көп кишилерге тиешелүү мамилени туюндурат: *We like each other from our first meeting. Биз бири-бирибизди биринчи жолугушуудан бери жакшы көрөбүз.*

Мамиле ат атоочтор мааниси боюнча зат атоочко жакын. Алар жандуу заттык маанини туюндуруп, зат атооч сөздөрүндөй эле эки жөндөмөдө өзгөрө алышат: *each other – each other's* *one another – one another's*

Жалпы жөндөмөдө турганда толуктоочтун, ал эми таандык жөндөмөдө аныктоочтук милдетти аткарышат:

*The children saw each other every day. Балдар бири-бирин күнүгө көрүшчү.*

## Шилтеме ат атоочтор

Англис тилинде шилтеме ат атоочтордун жекелик жана көптүк саны бар:

| Жекелик саны | Көптүк саны |
|---|---|
| *this бул*<br>*that тигил* | *these булар*<br>*those тигилер* |

Бул ат атоочтор сүйлөмдө зат атоочторду алмаштырат да, ээлик, толуктоочтук, баяндоочтук милдетти аткарышат:

*This is my English book. Бул менин англис тил(и) китебим.*

Шилтеме ат атоочтор **this**, **these** кандайдыр бир аралыкка же убакытка жакын турган, ал эми **that**, **those** болсо кандайдыр бир аралыкка же убакытка алыс турган заттарды көрсөтүш үчүн колдонулат: *This is my pencil and that is Asan's one. Бул менин карандашым, а тигил Асандыкы.*

## Сурама ат атоочтор

**Who? – Ким?, Whom? – Кимге?, Кимди?, What? – Эмне?, Кандай?, Whose? – Кимдики?, Which? – Канчанчы?** ат атоочтор киришет:

*Who goes to the cinema with him? Ким аны менен киного барат?*

Бардык сурама ат атоочтор сүйлөмдө зат атоочту алмаштырат да, ээлик, толуктоочтук жана баяндоочтук милдетти аткарат:

*What is in your bag? Баштыкта эмнең бар?*

**Who (whom, whose)** адамдарга, ал эми **what** буюмдарга тиешелүү:

*Who played ball with you? Сени менен ким топ ойноду?*

**What** кишилердин кылган кызматын жана кесибин сураганда колдонулат:

*What was your friend? My friend was a teacher. Сенин досуң ким эле? Менин досум мугалим болчу.*

Бир топ буюмдардын ичинен бирөөнү тандоодо же кайсынысын каалоосун сураганда **which** колдонулат:

*Which will you take: a pen, a book or a map? Кайсынысын аласың: калем саптыбы, китептиби же картаныбы?*

## Күдүк ат атоочтор

Ат атоочтун бул түрүнө **some, any, no** жана ушул сөздөр менен түзүлгөн татаал ат атоочтор **somebody, someone, something, anybody, anyone, anything, nobody, no one, nothing** деген ат атооч сөздөр кирет.

**Some** жана анын жардамы менен түзүлгөн татаал ат атоочтор дайыма жай сүйлөмдө колдонулат, ал эми **any, no** жана булардын жардамы менен түзүлгөн татаал ат атоочтордун биринчи тобу суроолуу, тангыч сүйлөмдөрдө, ал эми экинчиси жалгыз гана тангыч сүйлөмдө колдонулат.

**‘Some’**

| ***Жай сүйлөмдө*** | |
|---|---|
| *some*<br>*somebody some one*<br>*something* | *кандайдыр-бир, кээ бир, бир канча*<br>*кимдир бир, кимдир бирөө*<br>*эмне болсо да, бирдеме* |

**‘Any’**

| **Суроолуу сүйлөмдө** | |
|---|---|
| *any*<br>*anybody, any one*<br>*anything* | *кандайдыр бир, канчадыр бир*<br>*кимдир бирөө*<br>*эмнедир бир, бирдеме* |

| **Тангыч сүйлөмдө** | |
|---|---|
| *not ... any*<br>*not anybody, not... any one*<br>*not...anything* | *эч кандай, эч канча*<br>*эч ким*<br>*эч нерсе* |

**‘No’**

| **Тангыч сүйлөмдө** |
|---|
| *nobody, no one – эч ким*<br>*nothing – эч нерсе* |

**body, one** катышкан татаал ат атоочтор адамдар үчүн, ал эми **thing** катышкан ат атоочтор жансыз буюмдар үчүн колдонулат:

*Somebody is coming. Бирөө келе жатат.*

*These is nothing in the room. Бөлмөдө эч нерсе жок.*

**Some** белгилүү зат атоочтордун жекелик жана көптүк санынын астында жана жалпы түшүнүк берүүчү заттардын жекелик санынын астында колдонулат: *Some pupils have come to school. Бир нече окуучулар мектепке келишкен.*

**Some** суроолуу сүйлөмдө да колдонулат, эгерде суроо **some** же ал аныктаган зат атоочко берилбесе: *Why do some children make so mush noise? Эмне үчүн кээ бир балдар көп чурулдашат?*

**Some** сан атооч сөздөрдүн астында **-га, жакын** деген мааниде колдонулат: *Some five hundred picketeers will gather in Bishkek. Беш жүзгө жакын пикетчилер Бишкекке чогулушат.*

**Any** жана ал катышкан татаал ат атоочтор жай сүйлөмдө **«кайсы болбосун, ким болбосун»** деген мааниде колдонулат: *You may come to me at any time. Сен мага кайсы убакыт болбосун келсең болот.*

**Some, any** зат атоочтордун ордунда колдонулса, сүйлөмдө ээнин жана толуктоочтун, сын атоочтун ордуна колдонулса аныктоочтун милдетин аткарат. *Some girls went to the cinema. Бир топ кыз киного кетишти.*

**Some** жана **any** катышкан татаал ат атоочтор да сүйлөмдө ээлик жана толуктоочтук милдетти аткарат: *Somebody came to our school. Кимдир бирөө биздин мектепке келди.*

**Күдүк** ат атоочтордун бир тобуна **many, much, few, little** деген ат атоочтор да кирет. **Many** – көп, **few** – аз ат атоочтору дайыма санала турган зат атоочтор менен колдонулат:

*Many houses (dresses, books). Көп тамдар, (көйнөктөр, китептер).*

*Few houses (dresses, books). Аз тамдар, (көйнөктөр, китептер).*

**Much** – көп, **little** – аз, ат атоочтору дайыма саналбай турган зат атоочтор менен колдонулат:

*Much water (milk, sugar) – көп суу, сүт, кант.*

*Little water (milk, sugar) – аз суу, сүт, кант.*

**Many, much, few, little** ат атоочтору сүйлөмдө ээлик, толуктоочтук, баяндоочтук жана аныктоочтук милдеттерди аткарышат:

*Say little and do much. Аз сүйлөп, көп иште.*

**Күдүк** ат атоочторго *each – ар бир, every – ар бир, ким эле болсо, эмне эле болсо жана everybody, everyone, everything бардыгы, ар ким* деген ат атоочтор кирет.

**Each** менен **every**ни колдонууда айырмасы бар. Эгерде **each** айрыкча мааниде колдонулуп, сүйлөмдө аныктоочтук, ээлик жана толуктоочтук милдетти аткара алса, **every** жалпы мааниде колдонулуп, сүйлөмдө жалгыз гана аныктооч боло алат: *Each took an English book. Ар бири англис китебин алды.*

**Everybody, everyone, everything** зат атоочторду алмаштырлат да, сүйлөмдө ээлик, толуктоочтук милдетти аткарат:

*Everybody knows it. Бардыгы муну билишет.*

Күдүк ат атооч **one** зат атоочтун гана милдетин аткарьш, сүйлөмдө ээлик милдетти аткарат. Бул учурда **one** кыргыз тилине **ким**, **бирөө** деп которулат же которбой койсо да болот.

*One must do it. Кимдир бирөө муну иштеши керек.*

**One** сүйлөмдө зат атоочту алмаштыргандыктан таандык жөндөмөдө колдонулат жана көптүк санда да турат:

*Swimming is very good for one's health. Сууга сүзүү денсоолукка абдан жакшы.*

Күдүк ат атооч **all** – **бүт, баары** сүйлөмдө жекелик жана көптүк сандагы зат атоочтор менен бирге колдонулуп, аныктоочтук милдетти аткарат:

*All students have to take exams. Бардык студенттер экзамен бериши керек.*

Эгерде сүйлөмдө **all**дон кийин зат атооч жок болсо, анда ээлик жана баяндоочтук милдетти да аткарат: *All were at the meeting. Баары жыйналышта болучу.*

Күдүк ат атооч **other (another)**нин **бөлөк**, **башка** деген мааниси бар. **Another–мындан бөлөк**, **дагы бир** деген мааниде да колдонулат: *Sunday is a day off. Other days are week-days. Жекшемби дем алыш күн. Башка күндөр иш күндөрү.*

**Other, another** зат атоочтун милдетин аткара алат жана ага аныктооч да болот: *One day ended, another began. Бир күн өтүп, экинчиси башталды.*

## Ат атоочтордун сүйлөмдө аткарган милдети

Ат атоочтор ар кандай маанини туюндургандыктан сүйлөмдө да ар түрдүү милдетти аткарышат. Кээ бирлери сүйлөмдө ээнин, атоочтук татаал баяндоочтун же толуктоочтун (жактама: *I, he, she* ж. б. суроолуу: *who?, what?* мамиле: *each other, one another,* таандык жана күдүк*: somebody, nobody* ж. б.) бөлөктөрү болсо жалгыз гана аныктоочтун (таандык ат атоочтун экинчи түрү, суроолуу: *whose, what – кандай* жана *no, every*) милдетин аткарышат:

*I am a teacher, (ээ)*

*This is your book and that is mine. (атоочтук баяндооч)*

*They help each other every day. (толуктооч)*

Шилтеме, кээ бир күдүк жана суроолуу ат атоочтор сүйлөмдөгү ордуна карата бардык эле сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара беришет:

*This book is written by Aitmatov. (аныктооч)*

*This is an interesting book. (ээ)*

*I saw nobody in the room. (толуктооч)*

# Сан атооч - Numeral

**Эсептик сан** (Cardinal numeral)

| | | | |
|---|---|---|---|
| *1 – бир* | *one* | *16-он алты* | *sixteen* |
| *2 – эки* | *two* | *17-он жети* | *seventeen* |
| *3 – үч* | *three* | *18-он сегиз* | *eighteen* |
| *4 – төрт* | *four* | *19-он тогуз* | *nineteen* |
| *5 – беш* | *five* | *20 – жыйырма* | *twenty* |
| *6 – алты* | *six* | *30 – отуз* | *thirty* |
| *7 – жети* | *seven* | *40 – кырк* | *fourty* |
| *8 – сегиз* | *eight* | *50 – элүү* | *fifty* |
| *9 – тогуз* | *nine* | *60 – алтымыш* | *sixty* |
| *10 – он* | *ten* | *70 – жетимиш* | *seventy* |
| *11-он бир* | *eleven* | *80 – сексен* | *eighty* |
| *12-он эки* | *twelve* | *90 – токсон* | *ninety* |
| *13-он үч* | *thirteen* | *100 – жүз* | *hundred* |
| *14-он төрт* | *fourteen* | *1000 – миң* | *thousand* |
| *15-он беш* | *fifteen* | | |

**Иреттик сан** (Ordinal numeral)

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| *биринчи* | *the* | *first* | *он алтынчы* | *the* | *sixteenth* |
| *экинчи* | *the* | *second* | *он жетинчи* | *the* | *seventeenth* |
| *үчүнчү* | *the* | *third* | *он сегизинчи* | *the* | *eighteenth* |
| *төртүнчү* | *the* | *fourth* | *он тогузунчу* | *the* | *nineteenth* |
| *бешинчи* | *the* | *fifth* | *жыйырманчы* | *the* | *twentieth* |
| *алтынчы* | *the* | *sixth* | *отузунчу* | *the* | *thirtieth* |
| *жетинчи* | *the* | *seventh* | *кыркынчы* | *the* | *fourtieth* |
| *сегизинчи* | *the* | *eighth* | *элүүнчү* | *the* | *fiftiesth* |
| *тогузунчу* | *the* | *ninth* | *алтымышынчы* | *the* | *sixtiesth* |
| *онунчу* | *the* | *tenth* | *жетимишинчи* | *the* | *seventieth* |
| *он биринчи* | *the* | *eleventh* | *сексенинчи* | *the* | *eightieth* |
| *он экинчи* | *the* | *twelfth* | *токсонунчу* | *the* | *ninetieth* |
| *он үчүнчү* | *the* | *thirteenth* | *жүзүнчү* | *the* | *hundredth* |
| *он төртүнчү* | *the* | *fourteenth* | *миңинчи* | *the* | *thousandth* |
| *он бешинчи* | *the* | *fifteenth* | | | |

Эсептик сан атооч бардык номерлер системасын ичине алат. Он үчүнчү санга чейин сандар көз каранды эмес жөнөкөй сөздөр менен туюндурулат:

*one, two, five, seven, nine, ten, twelve*

13төн баштап 19га чейин эсептик сандар **teen** суффиксин бирдиктердин негизине улоо менен түзүлөт: *fourteen, fifteen, sixteen, nineteen*

13, 15 деген сандарга бул мүчөнү иреттик сан атоочтун бирдиктеринин уңгусуна thir**teen**, fif**teen** улоо менен түзүлөт.

Ондуктар эсептик сандарга **-ty** мүчөсүн жалгоо менен түзүлөт:

*sixty, seventy*

Кээ бир ондуктар жалпы эрежеден сырткары түзүлөт: *two – twelve – twen-ty*

*three – thirteen – thirty*

Ондуктардын бирдиктери менен бирге айтылуусу кыргыз тилиндегидей эле түзүлөт:

*thirty-five – отуз беш sixty-seven – алтымыш жети*

**Hundred, thousand, million** деген сан атоочтор белгисиз артикль менен колдонулат. Бул учурда белгисиз артикль **one** бир деген сөздүн ордунда жүрөт:

*a hundred, a million*

Жүздүктөр менен ондуктардын ортосуна **and** (жана) деген байламта коюлат:

*120 – a hundred and twenty*

*675 – six hundred and seventy-five*

*1325 – a thousand three hundred and twenty-five*

*4725 – four thousand seven hundred and twenty-five*

**Иреттик** сан атоочтор **-th** мүчөсүн эсептик сан атоочторго жалгоо менен түзүлөт: six**th**, nin**th**, twentie**th**, hundred**th**

Биринчи үч сандын иреттик саны бул эрежеге баш ийбей башка уңгудан түзүлөт: *one – first two – second three –third*

**-ty** мүчөсү менен бүткөн эсептик сандар иреттик санда аяккы тамгасын **-ie** менен алмаштырышат: *twenty – twentieth fifty –fiftieth*

**Five, twelve** – сандарынан иреттик сан түзгөндө – **v** – тамгасы – **f** – болуп өзгөрөт да,–**e** – тамгасы түшүп калат. Ал эми **eight** тин аяккы **-t, nine** дын – **e** – тамгалары түшөт: *five – fifth twelve – twelfth eight – eighth nine – ninth*

Татаал сан атоочтордун иреттик саны эң акыркы санга – **th** мүчөсүн улоо менен түзүлөт*: a hundred and twenty-two – a hundred and twenty-second*

*sixty-five – sixty-fifth*

*eighty-three – eighty-third*

Зат атоочтордун алдында турган иреттик сан атоочтордон мурун дайыма **белгилүү артикль** колдонулат:

*The second, The first*

Жылдар эсептик сан менен айтылат. Айтылуучу дата экиге бөлүнүп, өзүнчө сан болуп окулат:

*1945–nineteen forty-five*

*1964 – nineteen sixty-four*

Ал эми число иреттик сан менен берилет:

*24-март 2005-жыл – the twenty-fourth of March twenty O five*

*9-февраль 1968-жыл –the ninth of February nineteen- sixty-eight.*

Бирден башка же бир менен бүткөн ондук жана жүздүк сандардан кийин зат атооч дайыма көптүк санда турат:

*There are thirty-one days in March.*

Арифметикалык кыймылдардын жыйынтыгын көрсөтүүдө сандардан кийин баяндооч жекелик же көптүк түрдө коюла берет:

*Three and nine is (are) twelve.*

*Thirty-five minus twenty is (are) fifteen.*

Телефон номери төмөндөгүдөй айтылат:

*75-81-65 seven, five, eight, one, six, five*

## Сан атоочтун сүйлөмдө аткарган милдети

Англис тилинде сан атоочтор төмөндөгү сүйлөм мүчөлөрү боло алышат:

1. **Ээ**: *The first was my friend. Биринчиси менин досум эле.*

2. **Толуктооч**: *I wrote five letters and you must write three. Мен беш кат жаздым, сен үчтү жазышың керек.*

3. **Аныктооч**: *I have met three school-boys today. Мен бүгүн үч окуучуну жолуктурдум.*

4. **Атоочтук баяндооч**: *They were six and we were only two.*

*Алар алтоо, а биз араң эле экөө болчубуз.*

## Этиш - Verb

**1. Жөнөкөй** этиштер: *to go, to want, to try, to do, to have ж. б.*

**2. Курама** этиштер: *to realize–аткар, to magnify– көбөйт.*

**3. Татаал** этиштер: *to white wash–акта, to fulfil–аткар ж. б.*

Англис тилинде татаал этиштер көпчүлүк убактарда этиш сөздөр менен жардамчы сөздөрдүн (послелог) бирикмеси менен берилет. Мындай убактарда этиштердин мааниси өзгөрүп кетет:

*to go– бар, to go in – кир, to go out – чык, to go away – кет ж. б.*

Кээ бир убактарда алар этиш менен зат атоочтун бирикмеси менен берилип, кыймыл-аракетти туюндуруп турушат:

*to take care – кам көр, to take part – катыш, to have a smoke – тамеки чек, to have a wash – жуун ж. б.*

## Өздүк жана өздүк эмес этиштер

**Өздүк** этиштердин ыңгайы, даражасы жана чагы бар. Алар кээде санда жана жакта да өзгөрүшөт. Сүйлөмдө болсо баяндоочтун гана милдетин аткарышат.

Англис тилинде этиштердин төрт формасы бар:

**Infinitive** – to work, to write

**Past Indefinite** – worked, wrote

**Participle II**–worked, written

**Participle I** – working, writing

**Өздүк эмес** этиштерге инфинитив, герундий жана атоочтуктар киришет.

Булардын зат атооч менен этиштин (инфинитив, герундий) же сын атооч менен этиштин (атоочтук) касиетинде колдонулушканынан жак, сан, ыңгай формалары жок жана сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткара алышпайт:

*What are you going to do? (инфинитив)*

*The girl standing at the table is my sister (атоочтук)*

*Swimming is my favorite sport (герундий)*

## Туура жана туура эмес этиштер

**Туура этиштер** (Regular verbs) деп белгисиз өткөн чактын (Past indefinite) жана атоочтук IIнин (Participle II) формаларын түзгөндө этиштин негизине – **ed** мүчөсүн жалгасак айтабыз:

*to play – ойно played played*

*to live – жаша lived lived*

1. **-ed** мүчөсү каткалаң үнсүздөрдөн кийин **|t|**, жумшак үнсүздөрдөн жана үндүүлөрдөн кийин **|d|** болуп окулат:

*to work – worked* *to ask – asked*

*to live – lived* *to play – played*

2. Ал эми этиштин аягы **-t** жана **-d** менен бүтсө **|id|** болуп окулат:

*to want – wanted* *to end – ended*

3. Эгерде этиштин аягы **«y»** менен бүтсө жана андан мурун үнсүз тамга турса **– «y» – «i»**га өзгөрүлөт:

*to dry – dried* *to study – studied*

4. Сөздүн аягындагы үнсүздөн мурун кыска үндүү болсо, аяккы үнсүз тамгага дагы бир ошондой эле үнсүз кошулуп жазылат:

*to slip – slipped to admit – admitted*

**Туура эмес** этиштер (Irregular verbs) өзүлөрүнүн негизги формаларын ар башка жол менен түзүшөт:

1. Этиштин негизиндеги үндүү тамгаларды өзгөртүү менен:

*to write – wrote – written* *to give – gave – given*

*to take – took – taken* *to speak – spoke – spoken*

2. Аягы **-d** менен бүткөн бир топ этиштер акыркы **d** ни **t** менен алмаштырат:

*to send – sent – sent* *to build – built – built*

3. Кээ бир этиштер инфинитивдин формасындагыдайэле өзгөрбөй калат:

*to cut – cut – cut* *to put – put – put*

4. Эки этиш өзүлөрүнүн негизги формаларын ар башка уңгу менен түзүшөт:

*go – went – gone* *be – was, were – been*

## Өтмө жана өтпөс этиштер

**Өтмө этиштер** (Transitive verbs) – өзүлөрүнөн кийин дайыма тике толуктоочту талап кылат. Мисалы: *to write – жаз, to see – көр, to give – бер, to take – ал ж. б. I wrote an interesting letter to my friend. Мен досума кызык кат жаздым.*

**Өтпөс этиштер** (Intransitive verbs) – өзүлөрүнөн кийин тике толуктоочту талап кылбайт. Мисалы: *to go – бар, to sleep – укта, to remain – кал*

*He sleeps about nine hours every day. Ал ар күнү тогуз саатча уктайт.*

Англис тилинде көпчүлүк этиштер өтмө да, өтпөс да маанисинде колдонула беришет:

*to open ач, to begin – башта, to stop – токто, to change – өзгөрт*

*They stopped for a moment at the station. Алар бир азга бекетке токтошту.*

Кээ бир өтмө этиштер өтпөс маанисинде деле колдонула берет:

*to read – оку, to sell – сат, to cut – кес ж. б.*

*The book sells well. Китеп жакшы сатылат.*

Кээ бир өтпөс этиштер өтмө этиштин маанисинде колдонулат:

*to walk – бас, to fly – уч, to run – чурка*

*The boy rang the bell. Бала коңгуроо какты.*

## Негизги, жардамчы жана модалдык этиштер

**Негизги этиштер** (Notional verbs). Булар лексикалык жактан толук маанисиге ээ болгон жана грамматикалык жактан баяндоочтук милдетти аткарган сөздөр: *The door opened and the boy ran into the room. Каалга ачылып, бала бөлмөгө чуркап кирди.*

**Жардамчы этиштер** (Auxiliary verbs). Булар грамматикалык жактан ар кандай этиштин формаларын түзүүдө мааниге ээ болгон, ал эми лексикалык маанисин жоготуп койгон этиштер.

Англис тилиндеги жардамчы этиштерге: *to be, to do, to have, shall, will, should, would* киришет. *I am reading a book now. Мен азыр китеп окуп ж|атам.*

**Модалдык этиштер** (Modal verbs). Булар сүйлөөчүнүн кыймыл-аракетке болгон мамилесин көрсөтүп турат. Алар сүйлөөчүнүн кыймыл аракетке карата болгон керектөөсүн, мүмкүнчүлүгүн, аткарылышын баяндап турушат.

Англис тилиндеги модалдык этиштер: *must, can, may, ought, need.*

*Asan must go to school today. Асан бүгүн окууга барууга тийиш.*

**Этиш-байламалар** (Link verbs). Булар атоочтук баяндоочту түзүү үчүн колдонулуп, этиштин чактарын, жактарын ж.б. көрсөтөт.

Этиш-байламаларга: *to be, to become, to get, to grow* ж.б. кирет.

*It is getting lighter every moment. Барган сайын жарык болуп бара жатат.*

## Этиштин жагы жана саны

Англис тилинде этиштердин 3 **жагы** жана **жекелик, көптүк** саны бар.

Этиштин жагы жана саны төмөндөгүдөй берилет:

1. Учур чакта турган бардык этиштер жалгыз гана үчүнчү жактын жекелик санында **-s** мүчөсүн кабыл алат: *He plays, she reads.*

Учур чакта **to be** этиши 1-, 3- жана көптүк санда **am, is, are** болуп, **to have** 3- жакта **has** болуп өзгөрөт:

*I am a student. He is a student. They are students. We have pens. He has a pen.*

2. Өткөн чакта турган этиштердин жагы жана саны ат атооч сөздөр менен гана берилет: *I played ball. He played ball. We played ball.*

Бирок, **to be** этиши өткөн чакта жекелик сан үчүн **was**, көптүк сан үчүн **were** болуп өзгөрөт: *I was a teacher. They were teachers.*

3. Келер чакта 1-жактын жекелик, көптүк саны үчүн – *shall, will* жана калган жактар үчүн – *will* колдонулат: *I shall (will) be a teacher.He will go to the cinema.*

## Этиштин морфологиялык мүнөздөмөсү

Англис тилинде этиштердин кыргыз тилиндегидей эле **чак** (tense), **мамиле** (voice) жана **ыңгай** (mood) боюнча грамматикалык формалары бар.

Этиштин ыңгайы: **баяндагыч, буйрук, шарттуу-ниет** болуп үчкө бөлүнөт.

**Баяндагыч ыңгай** (The Indicative mood) сүйлөөчүнүн кыймыл-аракетти чындык факт катары кабыл алуусун көрсөтөт жана ал кыймыл-аракет учур, өткөн, келер чактарга таандык болот.

*We shall (will) go to the theatre. Биз театрга барабыз.*

**Буйрук ыңгай** (The Imperative mood) кыймыл-аракет сүйлөөчүнүн эркин, же өтүнүчүн жана буйругун көрсөтөт:

*Give me your pen, please! Калем сабыңы (ызды) бер|чи (иңизчи)!*

**Шарттуу-ниет** ыңгай (The Subjunctive mood) кыймыл-аракеттин чындык факт эмес, кандайдыр бир шарт болсо аткарылууга мүмкүндүгүн, болоорлугун көрсөтүп турат.

*If they came on time, we should finish our work. Эгер алар убагында келишсе, биз жумушту бүтмөкпүз.*

## Мамиле - Voice

**Жай мамиле** (The Active voice) кыймыл-аракеттин ээ тарабынан гана тике аткарылышын көрсөтөт. *Jamal writes many letters to her friends. Жамал досторуна көп кат жазат.*

**Туюк мамиле** (The Passive voice) кыймыл-аракеттин ээ тарабынан эмес, ошол ээ болуп турган затка же адамга багытталгандыгын көрсөтөт.

*Many letters are written by Jamal to her friends. Жамалдан курдаштарына көп кат жазылат.*

## Этиштин чактары – Tenses

**1. Белгисиз чактар - Indefinite (simple)**

**2. Узак чактар - Continuous (progressive)**

**3. Бүткөн чактар - Perfect**

**4. Бүткөн-узак чактар - Perfect Continuous**

1-топ: **Белгисиз чактар** (Indefinite tenses) кыймыл-аракеттин учур, өткөн жана келер чакта факт катарында өтүшүн көрсөтүшөт.

2-топ: **Узак чактар** (Continuous tenses) кыймыл-аракеттин белгилүү бир убакта учурда, өткөндө, келер чакта боло тургандыгын көрсөтөт.

3-топ. **Бүткөн чактар** (Perfect tenses) кыймыл-аракеттин учур, өткөн, келер чактагы белгилүү убакытка чейин бүткөндүгүн көрсөтөт.

4-топ: **Бүткөн-узак чактар** (Perfect Continuous tenses) кыймыл-аракеттин келер, учур, өткөн чакта белгилүү бир убакытка чейин созулгандыгын, мүмкүн кийин дагы созула тургандыгын көрсөтөт. Ар бир топ төрт чактан турат жана бардыгы болуп 16 грамматикалык чак бар.

## Белгисиз учур чак - Present indefinite tense

The Present Indefiniteтин жай түрү 3-жак жекелик санда **s (es)** мүчөсүн жалгоо менен калган жактары эч бир өзгөрүүсүз түзүлөт.

*I write. We write. He writes. They write.*

Эгерде сөздүн аягы каткалаң үнсүздөр менен бүтсө, **-s** мүчөсү **|s|** болуп окулат: *takes, writes*

**-s-** үндүүлөрдөн жана жумшак үнсүздөрдөн кийин **[z]** болуп окулат: *spends, plays*

The Present Indefinite Tenseтин суроолуу жана тангыч түрү **to do** жардамчы этиштин жардамы менен, жана негизги этиштин бөлүкчө **to**суз түрү менен түзүлөт.

Суроолуу түрүндө жардамчы этиш **to do** биринчи орунга келет; жекелик сан 3-жакта **does** болот:

*Do you play foot-ball?* *Does he play foot-ball?*

Тангыч түрүндө жардамчы этиштен кийин **not** коюлат:

*I do not play foot-ball.* *They do not play football.*

**Present Indefiniteтин колдонулушу.**

**Present Indefinite** төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Дайыма болуп туруучу адат болуп калган кыймыл-аракетти көрсөткөндө:

*He lives in Jalal-Abad. Ал Жалал-Абадда жашайт.*

2. Убакыт боюнча чектелбестен, же болбосо адамдардын эркине көз каранды болбогон жаратылышта, коомдо болуп туруучу кыймыл аракетти көрсөткөндө:

*Water consists of oxygen and hydrogen. Суу кычкылтек менен суутекттен турат.*

3. Ушул азыр өтүп жаткан кыймыл-аракетти көрсөтүү үчүн *to see, to hear, to feel, to know, to understand* ж. б. этиштер менен Present Continuousдун ордуна колдонулат.

*I don't understand this sentence. Мен бул сүйлөмдү түшүнбөйм.*

4. Эгерде баш сүйлөмдө этиш келер чакта турса, мезгил жана шарттуу багыныңкы сүйлөмдөрдө келер чактын кыймыл-аракетин көрсөтүү үчүн да колдонулат: *If he comes, I shall (will) ask him about it. Эгер ал кесе, бул жөнүндө мен андан сурайм.*

5. Кыймылды көрсөтүүчү *to go – бар, to leave–кет, to start – жөнө, to come – кел, to return – кайра кел* ж. б. этиштер менен келер чакта болуучу кыймыл-аракетти көрсөтүү үчүн колдонулат:

*Tomorrow we start for Moscow. Эртең биз Москвага жөнөйбүз.*

Present Indefinite кыргыз тилинде адат учур чак менен берилет:

*I work at the plant. Мен заводдо иштейм.*

Бирок Present Indefiniteтин шарттуу жана мезгил багыныңкы сүйлөмдө келер чактагы кыймыл аракеттин ордуна, о. э. адамдын ойлоо сезим абалын көрсөтүүчү этиштер менен колдонулган убактысында, кыргыз тилинин адат учур чагынан айырмаланып турат. Бул убакта маанисине карата тийиштүү чак колдонулат:

*When you see this, I shall (will) be far away. Сен муну көргөндө, мен алыста боломун.*

## Белгисиз өткөн чак - Past indefinite tense

Past Indefiniteтин жай түрү туура этиштердин негизине **-ed** мүчөсүн жалгоо менен түзүлөт. Ал эми туура эмес этиштер ар түрдүү жолдор менен түзүлөт.

*to work – worked to play – played*

Суроолуу жана тангыч түрү бардык этиштер үчүн **to do** жардамчы этишинин өткөн чактагы түрү **did**дин жардамы менен түзүлөт:

Суроолуу түрүндө **did** биринчи орунга коюлат да, ал эми ээден кийин негизги этиш мүчө уланбастан колдонулат:

*Did you work in the garden yesterday? Сен кечээ бакта иштедиңби?*

Тангыч түрүндө **not** жардамчы жана негизги этиштин ортосуна коюлат:

*I did not play volley-ball last year. Өткөн жылы мен волейбол ойногон эмесмин.*

**Past indefiniteтин колдонулушу**

1. Кыймыл-аракеттин өткөн бир убакытта факты катарында болгондугун көрсөтөт. Ал төмөндөгү бышыктооч сөздөрдүн жардамы менен белгилүү: *yesterday – кечээ, last week – өткөн жумада, last year – өткөн жылы, on Monday – дүйшөмбүдө, in 2019 – 2019-жылы* ж. б.

*I talked to him yesterday.Мен аны менен кечээ сүйлөштүм.*

2. Өткөндөгү дайыма адат катарында кайталанып туруучу кыймыл-аракетти көрсөткөндө: *Last year I went to the cinema every week. Өткөн жылы мен киного ар бир жума сайын барчумун.*

3. Өткөндөгү биринин артынан бири куюлуп өткөн кыймыл-аракетти көрсөткөндө: *He came home, had dinner, read a newspaper and began to do his lessons. Ал үйгө келип, тамактанып, газета окуп, анан сабагын даярдай баштады.*

4. Өткөндө болуп өткөн бардыкка белгилүү чындыкты көрсөтүү үчүн:

*Gagarin flew round the earth in 1961. Гагарин космоско 1961-жылы учкан.*

5. Past Indefinite кыргыз тилинде айкын өткөн чак менен берилет:

*I spoke to him yesterday. Мен кечээ аны менен сүйлөштүм.*

## Белгисиз келер чак - Future indefinite tense

**Future Indefinite**тин жай түрү **shall (will)** (1-жак жекелик жана көптүк сан үчүн), **will** (калган жактар үчүн) жардамчы этиштеринин жана негизги этиштин бөлүкчө **-to**суз инфинитивинин формасы менеп түзүлөт:

| Жай түрү | Суроолуу түрү | Тангыч түрү |
|---|---|---|
| *I shall (will) write.* | *Shall (will) I write?* | *I shall (will) not write.* |
| *You will write.* | *Will you write?* | *You will not write.* |
| *He (she, it) will write.* | *Will he (she, it) write?* | *He (she, it) will not write.* |
| *We shall (will) write.* | *Shall (will) we write?* | *We shall (will) not write.* |
| *You will write.* | *Will you write?* | *You will not write.* |
| *They will write.* | *Will they write?* | *They will not write.* |

**Future Indefinite**тин жай түрүндө **shall** жана **will** жардамчы этиштеринин кыскартылган түрлөрү колдонулуп, алар башкача айтылат жана жазылат:

*I'll write.  We'll write.  He'll write.  You'll write.*

*She'll write.  They'll write.*

**Future Indefinite**тин таңгыч түрүндө эки башка кыскартуунун формасы колдонулат:

1. Жардамчы этиштер кыскартылып:

*I'll not read.  He'll not read.*

2. Жардамчы этиш да, **not** бөлүкчөсү да кыскартылып:

*I shan't (won't) read.  He won't read. деп колдонууга болот.*

**Future indefiniteтин колдонулушу**

1. Келечекте факты катарында болуп өтүүчү кыймыл-аракетти көрсөтөт. Алар төмөндөгү бышыктооч сөздөр менен белгилүү болуп турат: **tomorrow** – эртең, **next year** – келерки жылы, **next week** – келерки жумада, **in....days (weeks, hours)** ... күндөн кийин, (жумадан, сааттан) ж. б.

*We shall (will) begin our work next week.  Биз ишибизди эмки жумада баштайбыз.*

2. Келечекте болуучу, адат боло турган, дайыма кайталанып туруучу кыймыл-аракетти көрсөткөндө:

*Next year we shall take English lessons twice a week. Келерки жылы биз англис тилин жумасына эки жолу окуйбуз.*

3. Келечекте болуучу бардыкка белгилүү чындыкты көрсөтүү үчүн:

*This river will dry up in some years. Бул дайра бир топ жылдан кийин соолот.*

4. Келечекте биринин артынан бири ээрчишип, боло турган кыймыл-аракетти көрсөтүш үчүн:

*On Sunday they will get up early and will go to the country. They will help the farmers. Жекшемби күнү алар эрте турушуп, айылга барышат; алар фермерлерге жардам беришет.*

Future Indefinite өзүнүн мааниси боюнча кыргыз тилинин айкын келер чагынын формасы менен берилет:

*They will finish their work tomorrow. Алар жумушун эртең бүтүшөт.*

## Өткөндөгү белгисиз келер чак - Future indefinite in the past

Этиштин Future Indefinite in the Past формасы негизги этиштин жаксыз түрү менен бирге биринчи жак жекелик жана көптүк санда **should (would)**, калган учурларда **would** жардамчы этиштерин колдонуу менен түзүлөт.

**Жай түрү**

| Жак | Жекелик сан | Жак | Көптүк сан |
|---|---|---|---|
| 1. | *I should (would) read.* | 1. | *We should (would) read.* |
| 2. | *You would read.* | 2. | *You would read.* |
| 3. | *S\|he would read.* | 3. | *They would read.* |

Сүйлөө речинде жай түрүндө жазылышы жана айтылышы башкача өзгөрүлгөн кыскартылган форма колдонулат:

*I'd read. He'd read.*

Бул чактын тангыч түрү **should** жана **would** жардамчы этиштеринен кийин тангыч **not**ту коюу менен түзүлөт:

*I should (would) not read. He would not read.*

Тангыч түрүндө кыскартылуу жалпы эрежеге ылайыктуу түзүлөт:

*I shouldn't (wouldn't) read. He wouldn't read.*

Суроолуу түрүндө болсо эрежедегидей эле жардамчы этиштер **should, would** ээден мурун коюлуп колдонулат:

*Should I read? Would he read?*

**Future indefinite in the pastтын колдонулушу**

Азыркы учур эмес өткөндөгү бир учурдун келер чагын көрсөткөн, мүнөзү боюнча белгисиз, кайталануучу жана адаттанган кыймыл-аракетти туюндуруш үчүн колдонулат. Ушуга байланыштуу Future Indefinite in the Past баш сүйлөмдүн баяндоочу өткөн чакта турса, толуктоочтук багыныңкы сүйлөмдөрдө колдонулат:

*I said that I should come back tomorrow. Мен эртең келемин деп айткамын.*

Жогорку сүйлөмдөн көрүнүп тургандай Future Indefinite in the Past кыргыз тилинде айкын келер чак менен гана берилет.

## Узак учур чак - Present continuous tense

Present Continuousтун жай түрү **to be** жардамчы этишинин жана атоочтуктун учур чактагы формасы менен түзүлөт:

| **Жай түрү** | | **Суроолу түрү** | | **Тангыч түрү** | |
|---|---|---|---|---|---|
| *I am*<br>*You are*<br>*S\|he (It) is*<br>*We are*<br>*You are*<br>*They are* | *playing.* | *Am I*<br>*Are you*<br>*Is s\|he (it)*<br>*Are we*<br>*Are you*<br>*Are they* | *playing?* | *I am not*<br>*You are not*<br>*S\|he (it) is not*<br>*We are not*<br>*You are not*<br>*They are not* | *playing.* |

**Present Continuous**тун жай түрүндө **am, is, are**

жардамчы этиштери өзүлөрүнүн айтылышы жана жазылышын өзгөртүү менен кыскартылган формада колдонулат:

*I'm reading. We're reading. He's reading.*

Тангыч түрүндө **Present Continuous**тун эки кыскартылган түрү бар:

1. Биринчи жак жекелик түрдөн башка учурларда жалпы эрежеге ылайыктуу тангыч **not** жардамчы этиш менен кошулуп колдонулат:

*He isn't reading. We aren't reading.*

2. Тангыч **not** өзгөртүлбөй жардамчы этиштер кыскартылып, ээ менен бирге колдонулат: *I'm not reading. He's not reading ж. б.*

**Present continuousтун колдонулушу**

Англис тилинде Present Continuous төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын көрсөтөт. Бул учур контекстен, же төмөндөгүдөй бышыктооч сөздөр менен белгилүү болуп турат: **now**–азыр, **this moment** – азыркы учурда ж. б.

*He is reading a book now. Ал азыр китеп окуп ж|атат.*

2. Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан убакытта болбосо деле жалпы эле ушул учурда болуп жаткандыгын көрсөткөндө:

*He is writing a new novel. Ал жаңы роман жазып ж|атат.*

3. Кыймыл-аракеттин айныксыз жакын арада болорун көрсөтүп, **to go, to live, to start** этиш сөздөрү менен колдонулат:

*He is coming tomorrow. Ал эртең келет.*

Эскертүү: **to go** этиши да кыймыл-аракеттин жакын арада болор маанисинде колдонулат.

Бул учурда бирдемени иштөөгө камынып, көңүлдөнүп жаткандыкты көрсөтөт:

*I am going to watch this film on TV. Мен бул кинону сыналгыдан көргөнү жатам.*

**Present Continuous** кыргыз тилинде мааниси жана формасы боюнча мезгил учур чак (татаал учур чак) менен берилет:

*I am writing a letter now. Мен азыр кат жазып ж|атам.*

Present Continuous жакын арада болуучу кыймыл-аракетти көрсөткөн учурда, кыргыз тилинде келер чак колдонулат:

*They are leaving for Moscow tonight. Алар кечинде Москвага жөнөшөт.*

## Узак өткөн чак - Past continuous tense

Past Continuous **to be** жардамчы этишинин өткөн чактагы формасы **was, were** жана негизги этиштик атоочтуктун учур чактагы формасы менен түзүлөт:

| **Жай түрү** | | **Суроолу түрү** | | **Тангыч түрү** | |
|---|---|---|---|---|---|
| *I was*<br>*You were*<br>*S\|he (It) was*<br>*We were*<br>*You were*<br>*They were* | *playing.* | *Was I*<br>*Were you*<br>*Was s\|he (it)*<br>*Were we*<br>*Were you*<br>*Were they* | *playing?* | *I was not*<br>*You were not*<br>*S\|he (it) was not*<br>*We were not*<br>*You were not*<br>*They were not* | *playing.* |

**Past continuousтун колдонулушу**

Past Continuous төмөндөгүдөй колдонулат:

1. Кыймыл-аракеттин өткөндөгү бир белгилүү убакытта болгондугун көрсөтөт. Бул убакыт бөлөк бир өткөн чак, же төмөндөгү бышыктооч сөздөр менен белгилүү болуп турат: **at that time** – ошол убакта, **at 5 o'clock yesterday** –кечээ саат 5те ж. б.

*He was writing an SMS at 5 yesterday. Ал кечээ саат 5те СМС жазып ж|аткан.*

2. Кээде кыймыл-аракеттин өткөндө үзгүлтүксүз көпкө созулуп болгондугун көрсөтүш үчүн колдонулат:

*In summer for a whole month they were preparing for exams. Бир ай бою жайында алар экзамендерге даярданып жүрүштү.*

Past Continuous кыргыз тилинин айкын, байыркы, капыскы өткөн чактары менен берилет. Past Continuousтун маанисин бериш үчүн жогорудагы чактарда турган этиш сөздөргө: **жат, тур, жүр, отур** жана кээде булар менен бирге эле, **экен** деген жардамчы этиштер көмөкчү болушат (кээ бирде жардамчы этишсиз деле берилген учурлар жолугат).

*My brother was walking up and down the room when I returned. Мен кайра келгенде, менин бир тууганым бөлмөдө ары-бери басып турган экен.*

## Узак келер чак - Future continuous tense

Future Continuous жардамчы этиши **to be**нин келер чактагы формасы **(shall be, will be)** жана учур чактагы атоочтуктун формасы менен түзүлөт:

| Жай түрү | | Тангыч түрү | |
|---|---|---|---|
| *I shall (will) be*<br>*You will be*<br>*S\|he (It) will be*<br>*We shall (will) be*<br>*You will be*<br>*They will be* | *playing.* | *I shall (will) not be*<br>*You will not be*<br>*S\|he (It) will not be*<br>*We shall (will) not be*<br>*You will not be*<br>*They will not be* | *playing?* |

| Суроолуу түрү | |
|---|---|
| *Shall (will) I be*<br>*Will you be*<br>*Will s\|he (it) be*<br>*Shall (will) we be*<br>*Will you be*<br>*Will they be* | *playing?* |

**Future Continuous** кыймыл-аракеттин келечекте кандайдыр бир белгилүү моментте болорун көрсөтөт. Бул момент бөлөк бир чак же бышыктооч сөздөр менен берилет: *I shall be working when he returns. Ал кайра келгенде мен иштеп жаткан болом.*

Future Continuous кыргыз тилинин айкын келер чагынын жардамчы этиштер менен түзүлгөн түрүнүн мааниси менен берилет:

*It is no use calling on her, she will be preparing for her exams. Ага баруунун пайдасы жок, ал экзаменге даярданып ж|аткан болот.*

## Өткөндөгү узак келер чак – Future continuous in the past

Этиштин Future Continuous in the Past формасы Future Continuous кандай түзүлсө ошондой түзүлөт да, болгон өзгөчөлүгү **should, would** колдонулат.

**Жай түрү**

| Жак | Жекелик сан | | Көптүк сан | |
|---|---|---|---|---|
| 1.<br>2.<br>3. | *I should (would)*<br>*You would*<br>*S\|he would* | *be reading.* | *We should (would)*<br>*You would*<br>*They would* | *be reading.* |

Азыркы учур эмес, өткөндөгү бир учурдун келер чагын көрсөтүп, мааниси боюнча Future Continuousтай эле белгилүү бир убакытта жүрүп жаткан кыймыл-аракетти туюндурат. Ушуга байланыштуу Future Continuous in the Past баш сүйлөмдүн баяндоочу өткөн чакта турса, толуктоочтук багыныңкы сүйлөмдө колдонулат: *He knew that at that time his brother would be preparing his lessons. Ал өзүнүн бир тууганы ошол убакта сабак даярдап ж|атаарын билген.*

**Future Continuous in the Past** жогорку сүйлөмдөрдөн көрүнүп тургандай кыргыз тилинин айкын келер чагынын формасы менен берилет да, кыймыл-аракет мааниси боюнча белгилүү убакытта жүрүп жаткан болуш керек. Мындай кыймыл-аракеттер көпчүлүк убакта **жат, тур, отур, жүр** жардамчы этиштери менен берилет.

## Учурга чейинки бүткөн чак - Present perfect tense

**Present Perfect** жардамчы этиш **to have** жана атоочтуктун өткөн чактагы формасы менен түзүлөт:

| Жай түрү | Суроолуу түрү | Тангыч түрү |
|---|---|---|
| *I have worked.*<br>*You have worked.*<br>*S\|he (it) has worked.*<br>*We have worked*<br>*You have worked*<br>*They have worked* | *Have I worked?*<br>*Have you worked?*<br>*Has s\|he (it) worked?*<br>*Have we worked?*<br>*Have you worked?*<br>*Have they worked?* | *I have not worked.*<br>*You have not worked.*<br>*He has not worked.*<br>*We have not worked.*<br>*You have not worked.*<br>*They have not worked.* |

Суроолуу түрүндө **to have** биринчи орунга коюлат. Ал эми тангыч түрүндө **not** жардамчы жана негизги этиштердин ортосуна коюлуп колдонулат:

*Have you read this book? I have not read this book.*

Сүйлөө речинде көпчүлүк убактарда жардамчы этиш **to have (has)** ээ менен кошулуп, кыскартылып айтылат:

*I've read this book. He's read this book.*

Тангыч түрүндө болсо жардамчы этиш ээ менен же тангыч **not** менен кошулуп, кыскартылып айтылат:

*I've not read this book. I haven't read this book.*

**Present perfectтин колдонулушу**

Англис тилинде Present Perfect төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Кыймыл-аракет сүйлөп жаткан убакытка чейин бүткөндүгү белгилүү болуп, анын жыйынтыгы ошол учур менен байланыштуу болсо, башкача айтканда, кыймыл-аракеттин бүткөн жыйынтыгы азыр белгилүү болуп турса, же кыймыл-аракет бүтсө да, ал тиешелүү болгон убакыттын созулушу бүтө элек болсо колдонулат. Ал убакытты көрсөтүүчү сөздөр:

*today – бүгүн, this year – быйыл, this month – ушул ай, this week – ушул жума* ж. б.

*I have broken my pencil. Мен карандашымды сындырып алдым.*

(Бул сүйлөмдө кыймыл-аракет муруң бүтсө да, анын жыйынтыгы азыр белгилүү).

*Usubaly has written him many SMS this year. Усубалы ага быйыл көп жолу СМС жазды.*

(Бул сүйлөмдө кыймыл-аракет бүткөнү менен анын бүтүү убактысы бүтө элек).

2. Өткөн чакта башталып, ушул учурга чейин бүтпөй дагы эле созулуп жаткан кыймыл-аракетти көрсөтөт. Мындай учурда кыймыл-аракеттин созулуу убактысы **for** менен ал эми башталуу убактысы **since** менен көрсөтүлөт:

*Dastan has been ill since Monday. Дастан Дүйшөмбүдөн бери оору.*

3. **Present Perfect** менен дайыма төмөндөгүдөй тактоочтор колдонулат:

*already–эбак, never–эч качан, just–азыр эле, ever–качандыр бир, not yet – азырынча жок, дагы эле жок, so far – эмдигиче, азырынча*

*I have just met him at school. Мен аны азыр эле мектептен жолуктургам.*

Present Perfectтин колдонгон мааниси боюнча кыргыз тилинде ага окшош чак жок. Ал төмөндөгүдөй берилет:

1. Кыймыл-аракет берилген учурга чейин бүтсө, кыймыл-аракеттин созулушуна же дароо эле бүтүшүнө жараша кыргыз тилинин өткөн чактары менен берилет:

*The rain has stopped. Жаан басылды.*

*I have worked hard today. Мен бүгүн катуу иштедим.*

2. Кыймыл-аракет берилген учурдун ичинде бүтпөсө, кыргыз тилинин учур чагы менен берилет:

*He has lived in Suzak for ten years. Ал Сузакта он жылдан бери жашайт.*

## Өткөн учурга чейинки бүткөн чак - Past perfect tense

**Past Perfectтин** түзүлүшү**:**

| Жай түрү | | Суроолуу түрү | | Тангыч түрү | |
|---|---|---|---|---|---|
| *I had*<br>*You had*<br>*S\|he (it) had*<br>*We had*<br>*You had*<br>*They had* | *worked.* | *Had I*<br>*Had you*<br>*Had s\|he (it)*<br>*Had we*<br>*Had you*<br>*Had they* | *worked?* | *I*<br>*You*<br>*S\|he (it)*<br>*We*<br>*You*<br>*They* | *had not worked.* |

Past Perfect жардамчы этиш **to have**дин өткөн чактагы формасы **had** жана атоочтуктун өткөн чактагы формасы менен түзүлөт:

Сүйлөө речинде төмөндөгүдөй кыскартылып айтуулар колдонулушат:

*I'd worked. He'd worked*

*I hadn't worked*

**Past perfectтин колдонулушу**

Англис тилинде Past Perfect өткөн кыймыл-аракеттин, өткөндөгү бир белгилүү убакытка чейин бүткөндүгүн көрсөтүп, кыймыл-аракеттин бүткөндүгү башка бир өткөн чак же бышыктоочтор менен көрсөтүлүп турганда колдонулат:

*We had translated the article by 5 o'clock.*

*Биз макаланы 5ке чейин которуп бүткөнбүз.*

(Бул сүйлөмдө кыймыл-аракеттин бүткөндүгү жалгыз гана бышыктооч сөздөрдүн маанисинен белгилүү болуп турат).

*Izat told me that she had spoken to her mother about it. Бул жөнүндө апам менен сүйлөшүп койгом деди Изат.*

(Бул сүйлөмдө кыймыл-аракеттин өткөн бир убакытка чейин бүткөндүгү өткөндөгү бөлөк бир кыймыл-аракет менен белгилүү).

Past Perfectтин кыргыз тилинде өзүнүн мааниси боюнча окшош чагы жок. Ошондуктан аны которгондо кыймыл-аракеттин маанисине карата кыргыз тилинин айкын, байыркы өткөн чактары менен берүүгө болот:

*We had finished our work when he came. Ал келгенде, биз жумушубузду бүтүп койгонбуз.*

## Келер убакытка чейинки бүткөн чак - Future perfect tense

Future Perfect жардамчы этиш **to have**тин келер чактагы формасы **(shall have, will have)** жана атоочтуктун өткөн чагындагы формасы менен түзүлөт:

| **Жай түрү** | | **Тангыч түрү** | | **Суроолуу түрү** | |
|---|---|---|---|---|---|
| *I shall have*<br>*You will have*<br>*S\|he (it) will have*<br>*You shall have*<br>*You will have*<br>*They will have* | *worked.* | *I shall not have*<br>*You will not have*<br>*He will not have*<br>*We shall not have*<br>*You will not have*<br>*They will not have* | *worked.* | *Shall I have*<br>*Will you have*<br>*Will he have*<br>*Shall we have*<br>*Will you have*<br>*Will they have* | *worked?* |

**Future Perfect** кыймыл-аракеттин келечектеги бир учурга чейин бүтөөрдүгүн көрсөтүп турат. Кыймыл-аракеттин бүткөндүгүн бөлөк бир келер чактагы кыймыл-аракет же бышыктооч сөздөр көрсөтүп турат:

*We shall have finished our work by 5 o'clock. Биз ишибизди саат 5ке чейин бүтүп койобуз.*

(Бул сүйлөмдө кыймыл-аракеттин бүткөндүгү жалгыз гана бышыктооч сөздөрдүн маанисинен белгилүү болуп турат).

*I shall have finished this work if you come at 5 o'clock. Эгер сен саат 5те келсең, мен бул ишти бүтүп койом.*

(Бул сүйлөмдө кыймыл-аракеттин келер чактагы бир убакытка чейин бүткөндүгү бөлөк бир келердеги кыймыл-аракет менен билинүүдө).

Future Perfectтин кыргыз тилинде өзүнө мааниси жагынан окшош чагы жок. Ошондуктан аны которгондо кыргыз тилинин айкын келер чагы менен берилет: *If you come at 7, I shall have done my work. Эгер сен саат 7де келсең, мен жумушумду бүтүп койом.*

## Узак бүткөн чактар - Perfect continuous tenses

**Perfect Continuous**тун чактары жардамчы этиш **to beнин Perfectтин** учур, өткөн, келер чактардагы формалары жана негизги этиштин атоочтугунун учур чагындагы формасы менен түзүлөт:

<table>
<tr><th colspan="2">Present Perfect Continuous</th><th colspan="2">Past Perfect Continuous</th><th colspan="2">Future Perfect Continuous</th></tr>
<tr><td>I have<br>You have<br>S|he (it) have<br>You have<br>You have<br>They have</td><td>been reading.</td><td>I had<br>You had<br>S|he had<br>We had<br>You had<br>They had</td><td>been reading.</td><td>I shall have<br>You will have<br>He will have<br>We shall have<br>You will have<br>They will have</td><td>been reading.</td></tr>
</table>

**Perfect Continuous**тар төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Белгилүү бир учурдагы, өткөндөгү жана келердеги убакытка чейин созулуп жүрүп келип, дагы эле ошол убакыт жүрүп жаткан кыймыл-аракетти туюндурганда. Кыймыл-аракеттин канча убакыт созулгандыгын *for – бою,* кайсы убакыттан бери болуп жаткандыгын *since – дан,* бери менен туюндурулат. Past жана Future Perfect Continuousтарда бул сөздөргө кошумча *by* предлогу менен бирге колдонулган бышыктооч сөздөр же бөлөк бир кыймыл аракет аркылуу айгинеленип турат:

*My brother has been living in Osh for two years. Менин бир тууганым Ошто эки жыл бою жашап келатат.*

2. Белгилүү бир учурдагы, өткөндөгү жана келердеги убакытка чейии созулуп жүрүп келип, бүтүп калган кыймыл-аракетти да туюндуруш үчүн:

*What exercises have you been doing up to now? Ушуга чейин кайсы көнүгүүлөрдү иштеп жаттың?*

## Туюк мамиле - Passive voice

Англис тилинде Passive Voiceтун үч чактык тобу бар: **Indefinite, Continuous жана Perfect, Perfect Continuous** жана **Future Continuous** туюк мамиледе колдонулбайт. Ал эми Future in the Pastтын формалары сүйлөө жана жазуу речинде абдан сейрек жолугат жана аз колдонулат.

**Passive** Voiceтун чактары **to be** жардамчы этишинин өзүнө тиешелүү чактагы формалары **(am, is, are, was, were, shall be, will be)** жана негизги этиштин атоочтугунун өткөн чактагы формасы **(Participle II)** менен түзүлөт:

| Present | |
|---|---|
| **Indefinite** | *The book is written* |
| **Continuous** | *The book is being written.* |

| | |
|---|---|
| **Perfect** | *The book has been written.* |
| **Past** | |
| **Indefinite** | *The book was written.* |
| **Continuous** | *The book was being written* |
| **Perfect** | *The book had been written.* |
| **Future** | |
| **Indefinite** | *The book will be written.* |
| **Continuous** | |
| **Perfect** | *The book will have been written.* |

Туюк мамиленин суроолуу жана тангыч түрлөрү жалпы эрежеге ылайыктуу эле түзүлөт, б. а. суроолуу түрүндө жардамчы этиш **to be** биринчи орунга, ал эми тангыч түрүндө **to be**ден кийин **not** колдонулат. Жардамчы этиш **to be**нин кыскартылып колдонулушу жай даражанын чактарын түзүүдө кандай колдонулса, бул жерде да ошондой колдонулат:

*Is the book written by him?* *The book is not written by him.*

**Passive Voiceтун** түзүлүшүнүн түрлөрү.

Англис тилинде **Passive Voice** ар кандай сүйлөм түрмөктөрүндө жолугат. Эгерде туюк даражанын ээси жай мамиленин тике толуктоочу менен берилсе – **тике туюк мамиле,** кыйыр толуктооч менен берилсе – **предлогдуу туюк мамиле** деп аталат.

**Тике туюк мамиле.** Көпчүлүк убакта тике туюк мамиле өтмө этиштер менен түзүлөт. Мындай учурларда кыймыл-аракеттин ээси белгилүү да, белгилүү эмес да болушу мүмкүн. Эгерде ээси белгилүү болсо ал **by** деген предлог менен кошо колдонулат: *The delegates will be met at the station. Делегаттар вокзалдан жолуктурулат.*

**Тике туюк мамилеге** төмөндөгүдөй дагы эки өзгөчөлүктөр мүнөздүү:

а) Субъективдүү инфинитив түрмөгүнүн негизги бөлүгүндө колдонулушу:

*Nazgul is said to be a first-class teacher. Назгүлдү эң мыкты мугалим деп айтышат.*

б) **It** ат атоочу формалдык ээ маанисинде өзүнүн баяндоочу болгон:

*to say, to report, to announce, to explain, to think, to know, to expect, to feel, to suggest* ж. б. этиштер менен жаксыз сүйлөмдөрдө колдонулушу:

*It is said that Bolot studies at school. Болот мектепте окуйт деп айтып жүрүшөт.*

**Кыйыр туюк мамиле.** Англис тилинде көптөгөн этиштер тике жана кыйыр толуктооч менен колдоно беришет. Аларга *to tell, to give, to offer, to show, to live, to promise, to send* ж. б. этиштер киришет. Ушуга байланыштуу бул этиштердин туюк мамилесинин эки түрү бар:

а) **Тике туюк мамиледей** колдонулушу (*A book was given to me.*)

б) **Кыйыр туюк мамиледей** колдонулушу (*He was given a book.*)

Кыйыр туюк мамиле **to tell** менен жана **to give** этишинин зат атооч менен кошулуп, бир түшүнүктү көрсөткөн *to give a chance, to give a job, to give orders, to give command* ж. б. түрмөктөрү менен кеңири колдонулат:

*You weren't told anything, because there wasn't anything to tell you. Айта турган эч нерсе болбогондуктан сизге айтылган жок.*

**Предлогдуу туюк мамиле.** Англис тилинде көптөгөн этиш сөздөр өздөрүнөн кийин предлог талап кылышат. Бул этиштердин туюк мамиледе колдонуусуна чектөө жок. Ошондуктан булар кыйыр туюк мамиледе көп колдонулат: *You have been a good deal talked about. Сиз жөнүндө көп сөз болду.*

**Passive voiceтун чактарынын колдонулушу**

Англис тилинде Passive Voice сүйлөөчү кыймыл-аракеттин кайда багытталгандыгын баса көрсөткүсү келгенде колдонулат. Туюк мамиленин чактарынын колдонуу мааниси көпчүлүк убактарда жай мамиленин чактары кандай колдонулса ошондой. Бирок, кээ бир этиштердин лексикалык маанисине жана бир топ чактардын туюк даражада кемдигине байланыштуу бул эки мамиле колдонуу мааниси боюнча айырмаланып да турушат.

**Passive Voiceту** чактары боюнча алганда, ал айырмачылыктарга төмөндөгүлөр киришет:

1. Indefinite чактары боюнча туюк мамиленин колдонулушуна этиш сөздөрдүн контекстеги кыймыл-аракеттин созулушу туруктуулугуна жана дароо эле бүтүп калышына байланыштуу.

Созулган кыймыл-аракетти көрсөткөн этиштер эки мамиледе бирдей эле деңгээлде колдонулушат. Ал эми дароо эле бүтүп калган кыймыл-аракетти көрсөткөн этиштерде Passive Voice көбүрөөк колдонулат:

*Everything was settled twenty minutes after I arrived here. Мен келгенден жыйырма минутадан кийин баары чечилди.*

2. Continuous чактары боюнча эки мамиле тең бирдей эле деңгээлде колдонулушат. Бирок Future Continuous Passiveтин жоктугуна байланыштуу анын ордуна Future Indefinite Passive колдонулат:

*What do I need to take with me? – Nothing.*

*Everything you need will be provided for you.*

*Мен өзүм менен бирге эмне алышым керек? – Эч нерсе.*

*Сиз эмне керектей тургандарыңыз менен жабдылып турасыз.*

(Бул жогорудагы сүйлөмдө келерде белгилүү бир убакытка анын жабдылып тураары жөнүндө сөз болуп жатат).

3. **Perfect** чактары боюнча дагы эки мамиле бирдей эле деңгээлде колдонулат. Болгон айырма **Present Perfectтин** туюк мамилесинин өткөн бир убакта башталып, ушул учурдун алдында бүтүп же дагы эле уланып жаткан абалды көрсөткөн этиш сөздөр менен сейрек колдонуусунда:

*We have been separated for three years. Бизди ажыраштырганга үч жыл болду.*

Англис тили менен кыргыз тилинин туюк мамилелеринин өзгөчөлүктөрүнө төмөндөгүлөр киришет:

1. Англис тилиндегидей эле кыргыз тилинде туюк мамиле өтмө этиштер менен колдонулат. Бирок, кыргыз тилинин бардык чактарынын туюк мамилеси бар.

2. Англис тилинде туюк мамиле **to be** жардамчы этиши жана атоочтуктун өткөн чактагы түрү менен түзүлсө, кыргыз тилинде негизги этишке – **ыл** мүчөсүн чак мүчөлөрү **-нөн** мурун жалгоо менен түзүлөт.

3. Англис тилинде жай мамиледеги турган сүйлөмдүн ээси туюк мамиледе **by** менен бирге берилсе, кыргыз тилинде анын **тарабынан** деген сөз менен формалдуу түрдө берүүгө болот:

*This book was written by me. Бул китеп мен тарабыман жазылды.*

4. Кыргыз тилинде сүйлөөчүнүн кайсы сөзгө басым коюп айтуусун мүчө аркылуу берүү мүнөздүү болуп эсептелинет. Ал эми англис тилинде сүйлөмдө сөздөрдүн катышы сүйлөмдөгү сөздөрдүн туруктуу орду менен берилгендиктен, туюк мамиленин колдонулушу сүйлөөчүгө ыңгайлуу, ошондуктан кыргыз тилине караганда англис тилинде туюк даражанын формасы бир топ кеңири таралган. Буга аныктама катары англис тилинин туюк мамилелеринин формалары кыргыз тилине которгондо, кыргыз тилинин жай мамилелери менен берилиши болуп эсептелет.

## Чактардын ээрчишүүсү - Sequence of tenses

1. Эгерде толуктооч багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун кыймыл-аракети баш сүйлөмдүн баяндоочунун кыймыл-аракети менен бирдей убакытта өтсө, багыныңкы сүйлөмдө Past Indefinite же, Past Continuous колдонулат: *Anara told me that her father was a doctor. Анара мага атам доктор деп айткан.*

2. Эгерде толуктооч багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун кыймыл-аракети баш сүйлөмдүн баяндоочунун кыймыл-аракетинен мурда өтсө, багыныңкы сүйлөмдө Past Perfect Tense колдонулат:

*He said that he had lost his watch. Ал саатын жоготтум деген.*

3. Эгерде толуктоочтук багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун кыймыл-аракети өткөн чакта турган баш сүйлөмдүн баяндоочунун кыймыл-аракетине келер чактык катнашта турса, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу Future in the Pastтын бир формасында колдонулат:

*He said that his brother would study at the Institute. Ал бир тууганын институтта окуйт деп айтты.*

**Эскертүү**: Эгерде баш сүйлөмдүн баяндоочу учур чакта турса, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу кайсы чактык катнашты көрсөтсө ошол чак колдонулат:

*I know that he lived in Moscow. Мен анын Москвада жашагандыгын билемин.*

## Этиштин ыңгайлары - Moods

**Баяндагыч ыңгай** кыймыл-аракеттин учурда, өткөндө же келерде даана болордугун билдирет. Жогоруда берилген чактардын төрт тобу даана боло турган кыймыл-аракетти көрсөтүп, баяндагыч ыңгайга тиешелүү болушат.

## Буйрук ыңгай - Imperative mood

Буйрук ыңгайдын жай түрү инфинитивдин бөлүкчөсүз түрүнө туура келет: *to read – read! – окуңуз (оку)! to go – go! – барыңыз (бар)!*

Тангыч түрү **do** жана **not**тун жардамы менен түзүлөт. **Do not** дайыма **don't** болуп кыскартылып айтылат: *Don't write! – жазбаңыз, жазба!, Don't go! – барбаңыз, барба!*

Жардамчы этиш **do** буйрук ыңгайдын жай түрүнүн астында өтө эле өтүнгөндүктү билгизгенде коюлат:

*Do take care of yourself! – Өзүңүздү сактасаңыз!*

*Do be ready at 5! – Саат бешке даяр болуп турсаңыз!*

Ишендирүү, макул болуу, суроо катарында биринчи жана үчүнчү жакка кайрылганда, **let** этиши жана инфинитивдин **to** бөлүкчөсүз формасы колдонулат:

*Let us go to the cinema!.– Жүрбөйсүзбү (келиңиз!), кинодо баралы!*

Терс түрү **do not**тун жардамы менен түзүлөт:

*Don't let him read! – Ал окубай эле койсунчу!*

Кээде **do**суз деле колдонулат:

*Let him not do it! – Ал иштебей эле койсун!*

## Шарттуу-ниет ыңгай - Subjunctive mood

Кыргыз тилиндегидей эле англис тилинде шарттуу-ниет ыңгай жоромолдонгон, мүмкүн болуучу же кааланылган кыймыл-аракетти туюндуруш үчүн колдонулат. Кээде чындыкка карама-каршы болгон кыймыл-аракетти көрсөтөт: *I wish it were spring now! Эгерде азыр жаз болсо!*

*He would have come if he had not been ill. Эгерде ооруп калбаса, ал келмек.*

Англис тилинде сүйлөөчүнүн оюн же анын мамилесин аныкташ үчүн шарттуу-ниет ыңгай даана боло турган кыймыл-аракетти туюндуруш үчүн колдонулат: *It's surprising that they should be late. Таң калаарлык, алардын кечигип жатканы.*

Англис тилинде шарттуу-ниет ыңгайдын **синтетикалык** (жөнөкөй) жана **аналитикалык** (татаал) эки түрү бар:

| | **Present Subjunctive** | | **Past Subjunctive** | |
|---|---|---|---|---|
| **Синтетикалык** | *I*<br>*You*<br>*S\|he*<br>*We*<br>*You*<br>*They* | *be (ask)* | *I*<br>*You*<br>*S\|he*<br>*We*<br>*You*<br>*They* | *were* |

| | **Indefinite Subjunctive** | | **Perfect Subjunctive** | |
|---|---|---|---|---|
| **Аналитикалык** | *I*<br>*You*<br>*S\|he*<br>*We*<br>*You*<br>*They* | *should ask* | *I*<br>*You*<br>*S\|he*<br>*We*<br>*You*<br>*They* | *should have asked* |

**Шарттуу-ниет ыңгайдын** формаларынын колдонулушу.

**Present Subjunctive** учурдагы, келердеги жана өткөндөгү сүйлөөчүнүн өтүнүчүн, каалоосун, талабын, сунушун ж. б. көрсөтүш үчүн колдонулат.

Мисалы:

1. Илептүү сүйлөмдө Long live...! (жашасын...!) сөз айкалышы менен:

*Long live the Democracy! Жашасын демократия!*

2. *It is necessary, It is important, It is better* ж. б. менен башталган багыныңкы сүйлөмдөрдө, көпчүлүк убактарда **Indefinite Subjunctive** колдонулат: *It is necessary that all the peoples join (should join) their efforts in the struggle for peace. Бардык элдер өздөрүнүн аракеттерин тынчтык үчүн күрөшкө бириктириши зарыл.*

**Past Subjunctive** чындык эмес, чындыкка карама-каршы маанидеги кыймыл-аракетти көрсөтүш үчүн учур жана келер чак маанисинде колдонулат: *If it were not so late, I should go with you. Эгерде мынчалык кеч болбогондо, мен сени менен бармакмын.*

Past Subjunctive чындыкка жакындабаган, аткарууга мүмкүн эмес болгон кыймыл-аракеттерди туюндуруш үчүн багыныңкы (шарттуу, толуктоочтук, бышыктоочтук) сүйлөмдөрдө көп колдонулат:

*If I were you, I should often go to the cinema. Эгерде мен сенин ордуңда болсом, мен киного тез-тез барып турмакмын.*

**Indefinite and Perfect Subjunctive** мүмкүн болуучу, ылайыктуу, сунуш кылынган ж. б. кыймыл-аракеттерди же боло турган кыймыл-аракетке сүйлөөчүнүн мамилесин (каалоо, капалануу, кейүү) көрсөтүш үчүн колдонулат.

Бул формалар көпчүлүк убактарда багыныңкы сүйлөмдөрдө колдонулат. **Indefinite Subjunctive** багыныңкы сүйлөмдө баш сүйлөмдүн баяндоочу менен бирдей убакта өтүүчү кыймыл-аракетти туюндуруп колдонулат:

*I shall write down your address I should forget it. Мен дарегиңди унутуп калбас үчүн жазып алайын.*

**Perfect Subjunctive** баш сүйлөмдүн баяндоочунун кыймыл-аракетинен мурун болгон кыймыл-аракетти көрсөтүш үчүн колдонулат:

*It's a pity you should have missed so many lessons. Сенин ушунча көп сабактарды калтырганың аянычтуу.*

Англис тилинин шарттуу-ниет ыңгайы сүйлөөчүнүн кыймыл-аракетке болгон мамилесине карата (жоромолдогон, мүмкүн эмес, аткарылбоочу) кыргыз тилинин шарттуу же (каалоо, сунуш, өтүнүч) шарттуу-ниет, ал эми боло турган кыймыл-аракет жай ыңгайлары менен которулуп берилет.

## Жардамчы этиштер - Auxiliary verbs

**'to be' этиши**

**To be – бол** этишинин эки формасы бар:

| Жак | Present Indifinite | |
|---|---|---|
| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
| **1** | *I am* | *We are* |
| **2** | *You are* | *You are* |

| | | |
|---|---|---|
| **3** | *S\|he (it) is* | *They are* |

| Жак | Past Indefinite | |
|---|---|---|
| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
| **1** | *I was* | *We were* |
| **2** | *You were* | *You were* |
| **3** | *S\|he (it) was* | *They were* |

**To be** этиши төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Жардамчы этиш катарында Continuous Tenseти түзүү үчүн:

*I am working in the garden. Мен бакта иштеп ж\атам.*

2. Туюк мамиленин бардык чактарынын формаларын түзүү үчүн:

*He is invited there. Аны тыякка чакырып ж\атышат.*

3. **Байланыштыргыч этиш** катарында атоочтук баяндоочтун составында «аны» деген мааниде колдонулат.Учур чакта кыргыз тилине которулбайт:

*Asan is a teacher.– Асан мугалим.*

4. **Негизги этиш** катарында «**бол**», «**жүр**» маанисинде колдонулат.

*They are at school now. Алар мектепте жүрүшөт.*

5. Модалдык этиш катарында **to** бөлүкчөлүү инфинитив менен колдонулуп, келишим боюнча же мурунтадан пландаштырылган кыймыл-аракетти бүткөрүү керектигин көрсөтөт. Кыргыз тилине «**керек**» болуп которулат:

*Bakyt is to begin this work. Бакыт бул жумушту башташы керек.*

## ‘TO HAVE’ ЭТИШИ

**To have** – **бар** этишинин эки формасы бар:

| Жак | Present Indifinite | |
|---|---|---|
| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
| **1** | *I have* | *We have* |
| **2** | *You have* | *You have* |
| **3** | *S\|he (it) has* | *They have* |

| Жак | Past Indefinite | |
|---|---|---|
| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
| **1** | *I had* | *We had* |
| **2** | *You had* | *You had* |
| **3** | *S\|he (it) had* | *They had* |

**To have** этиши төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Жардамчы этиш катарында Perfect тобун түзүү үчүн:

*I have broken my pencil. Мен карандашымды сындырып алдым.*

2. Негизги этиш катарында **«бар», «бар эле», «бар болчу», «болот»** деген мааниде колдонулат:

*I have a red marker. Менин кызыл маркерим бар.*

3. Инфинитив формасы менен колдонулуп, айныксыз аткарыла турган кыймыл-аракетти көрсөтөт: *Aigul has to get up early on Sundays. Айгүл жекшемби күндөрү эрте турушу керек.*

## ‘TO DO’ ЭТИШИ

**To do – жаса** этишинин эки формасы бар:

| Жак | Present Indifinite | |
|---|---|---|
| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
| **1** | *I do* | *We do* |
| **2** | *You do* | *You do* |
| **3** | *S\|he (it) does* | *They do* |
| **Жак** | **Past Indefinite** | |
| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
| **1** | *I did* | *We did* |
| **2** | *You did* | *You did* |
| **3** | *S\|he (it) did* | *They did* |

**To do** этиши төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Жардамчы этиш катарында **Present** жана **Past Indefinitтердин** суроолуу жана тангыч түрлөрүн түзүү үчүн колдонулат:

*Do you go to the cinema? – Киного барасыңбы? I don't play chess.– Мен шахмат ойнобойм.*

2. Буйрук ыңгайдын тангыч түрүн түзүү үчүн колдонулат:

*Don't open the door! – Эшикти ачпа! Don't go alone! – Жалгыз барба!*

3. Негизги этиш катарында **«жаса», «иште»** маанисинде колдонулат:

*My brother will do his work tomorrow. Менин бир тууганым жумушун эртең иштейт.*

## ‘SHALL’ ЭТИШИ

Жардамчы этиш **shall** негизги этиштин **to** бөлүкчөсүз инфинитивдик формасы менен кошо бардык келер чактын биринчи жагынын көптүк жана жекелик санында колдонулат:

**Эскертүү**: азыркы мезгилде will жардамчы этишин shall этишинин ордуна колдонсо болот.

*We shall (will) have finished it by 5 o'clock. Биз муну саат 5ке чейин бүтөбүз.*

**Shall** модалдык этиш катарында экинчи жана үчүнчү жактын көптүк жана жекелик санында, жай жана тангыч сүйлөмдөрдө колдонулуп, келер чакта болуучу буйрук, мүмкүндүк, убада берүү, коркутуу катарындагы кыймыл-аракетти көрсөтөт:

*Talant shall (will) finish this work at once! Талант бул жумушту дароо бүтүрсүн!*

## ‘WILL’ ЭТИШИ

**Will** жардамчы этиш катарында бардык учур чактардын 1-, 2- жана 3-жагынын көптүк, жекелик сандарында колдонулат:

*They will be reading this book at 5 o'clock. Алар бул китепти саат 5те окушат.*

*I will call you tomorrow. Мен сиздикине эртең чалам.*

**‘SHOULD’ ЭТИШИ**

1. Future in the Pastтын биринчи жак жекелик жана көптүк сандарында:

*I told them that we should (would) come the next day. Мен аларга эртеси келебиз деп айткам.*

2. Subjunctiveдин бардык жактарында:

*I suggest that they should have a rest there. Менин болжолумда алар бул жерде эс алышат.*

3. Модалдык этиш катарында керектүүлүктү, милдеттүүлүктү жана божомолдоо, мүмкүнчүлүктү туюндуруш үчүн бардык жактарда колдонулуп, кыргыз тилине **«керек», «керек эле»** деп которулат:

*He should do it in (on) time. Ал муну убактысында жасаш керек.*

**‘WOULD’ ЭТИШИ**

1. Future in the Pastтын биринчи, экинчи, үчүнчү жак жекелик жана көптүк сандарында: *I thought that he would come the next day. Мен аны кийинки күнү келет деп ойлогом.*

2. Өткөндөгү адаттанган, кайталанып туруучу кыймыл-аракетти туюндуруш үчүн: *They would walk the streets for hours. Алар көчөдө бир нече сааттан басышчу.*

3. Сүйлөөчүнүн өтүнүчүнө өтө сылыктык маанини бериш үчүн экинчи жакта: *Would you give me your notes for some hours? Кечиресиз, бир нече саатка кол жазмаларыңызды берип турсаңыз?*

## Модалдык этиштер - Modal verbs

1. **Can** жана **May** учур жана өткөн чакта, ал эми **must** учур чакта гана колдонулат:

**Present Indefinite:** can, may, must

**Past Indefinite:** could, might.

2. Модалдык этиштердин инфинитив жана атоочтук формасы жок.

3. Модалдык этиштер Present Indefiniteтин III жак жекелик санында **«s»** мүчөсүз колдонулат: *He can play ball. He must play ball. He may play ball.*

4. Модалдык этиштер суроолуу жана тангыч сүйлөмдөрдө башка жардамчы этиштерсиз эле колдонулат. Суроолуу сүйлөмдө модалдык этиштер биринчи орунга коюлат: *Can you do it? May you do it? Must you do it?*

5. Тангыч түрүндө модалдык этиштерден кийин **not** коюлат. Ал эми can – учур чакта **not** менен бирге жазылат: *She cannot read it. She must not read it. Ал муну окуй албайт. Ал муну окууга милдеттүү эмес.*

**‘CAN’ ЭТИШИ**

**Can – ал, иштей ал** модалдык этишинин эки формасы бар:

| **Чак** | **Жай түрү** | **Суроолуу түрү** |
|---|---|---|
| **Present Indefinite** | *I can read* | *Can I read?* |
| **Past Indefinite** | *I could read* | *Could I read?* |
| **Тангыч түрү** | | |

| | |
|---|---|
| **Present Indefinite** | *I cannot (can't) read.* |
| **Past Indefinite** | *I could not (couldn't) read.* |

**Can** – этиши адамдын бир нерсени иштей ала тургандыгын көрсөтүп, негизги этиштин инфинитив формасы менен бирге колдонулат:

*She can speak English quite well now. Ал азыр англис тилинде жакшы сүйлөй алат.*

**Can** этиши келер чакта колдонулбайт. Бул этиштин ордуна *to be able (ал, иштей ал)* сөз айкалышы өзүнөн кийин инфинитив менен бирге колдонулат.

*I'll be able to go to school tomorrow. Мен эртең мектепке бара алам.*

## 'MAY' ЭТИШИ

**May** модалдык этишинин төмөндөгүдөй эки формасы бар:

| Чак | Жай түрү | Суроолуу түрү |
|---|---|---|
| **Present Indefinite** | *I may go.* | *May I go?* |
| **Past Indefinite** | *I might go* | *Might I go?* |

| Тангыч түрү | |
|---|---|
| **Present Indefinite** | *I may not go.* |
| **Past Indefinite** | *I might not (mightn't) go.* |

**May** төмөндөгүдөй мааниде колдонулат:

1. Мүмкүнчүлүк жана уруксат маанисинде:

*You may use dictionaries. Сиз сөздүктөрдү колдонсоңуз болот.*

*May I ask you a question? Сизге суроо берүүгө мүмкүнбү?*

2. Мүмкүнчүлүктү көрсөтүү маанисинде:

*May I go out? – Yes, you may. Сыртка чыгууга мүмкүнбү? – Мүмкүн.*

3. Ишенбөөчүлүк, күмөн саноочулук мааниде:

*She may come today or tomorrow. Ал мүмкүн бүгүн же эртең келет.*

Келер чакта **maудин** ордуна **to be allowed** сөз айкалышы өзүнөн кийин инфинитив менен бирге колдонулат. *He will be allowed to go to the cinema. Ал киного бара берсе болот. (уруксат берилет).*

## 'MUST' ЭТИШИ

Must модалдык этиши милдеттүүлүктү көрсөтүү менен «керек» (сөзсүз), деген мааниде колдонулат: *The teacher must come in (on) time. Мугалим (окутуучу) убагында келиши керек.*

Must модалдык этишинин ордуна келер жана өткөн чакта **to have** этиши өзүнөн кийинки инфинитив менен колдонулат: *They had to go to school at 9 o'clock. Алар мектепке саат 9да барышы керек эле.*

**‘OUGHT, NEED’ ЭТИШТЕРИ**

Бул эки модалдык этиштердин бир гана учур чактагы формалары бар. Экөө тең кыргыз тилине **керек** деп которулат.

**Oughtтон** кийин негизги этиш **to** бөлүкчөсү менен бирге инфинитив формасында колдонулат да, сүйлөөчүнүн өз алдында же жалпы эле милдеттүүлүгүн туюндуруш үчүн колдонулат:

*You ought to do it at once. Муну сиз дароо жасай коюшуңуз керек.*

Ought этиши Perfect Infinitive менен бирге өткөндөгү аткарылбай калган кыймыл-аракетти көрсөтөт:

*You ought to have come in(on) time. Сиз өз убагында келишиңиз керек эле.*

**Need** кыймыл-аракеттин айныксыз болуш же болбош керектигин көрсөтүш үчүн көпчүлүк убактарда суроолуу жана тангыч сүйлөмдөрдө колдонулат:

*I needn’t tell you how important that is. Мунун кандай маанилүү экенин сизге айтпай эле коюш керек.*

## Этиштин атоочтук түрлөрү - Verbals

**Жалпы касиеттери**

Англис тилинде этиштин атоочтук түрүнө **инфинитив (the Infinitive), атоочтук (the Participle) жана герундий (the Gerund)** киришет.

Этиштин атоочтук түрлөрүнүн өзүлөрүнө мүнөздүү төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү бар:

1. Атоочтуктардын жагы, саны жана ыңгайы жок.

2. Атоочтуктар этиштик маани менен бирге зат атоочтук (инфинитив, герундий) жана сын атоочтук (атоочтук) маанини да туюндурушат.

3. Алар сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткара алышпайт.

4. Алар кыймыл-аракеттин болуу убактысын көрсөтө алышпайт да, болгону алардын чамалаштыгын туюндурушат б. а. негизги этиштин болуу убагы менен бирдей же андан мурун болгондукту көрсөтүшөт:

*He will be able to do it tomorrow. Муну ал эртең жасай алат. He is considered to have lived here in 1991. Аны бул жерде 1991-жылы жашаган деп эсептеп жүрүшөт.*

5. Атоочтуктардын жалгыз гана жай мамиледе эмес, туюк мамиледе да өзгөргөн этиштик касиети бар. *to want – to be wanted wanting – being wanted*

## Инфинитив - Infinitive

**Инфинитив** этиш менен зат атоочтун касиетине ээ **болгон,** кыймыл-аракетти же болбосо анын аткарылышынын жакка тиешесиз абалын билдирген этиштин өзгөрбөгөн жаксыз түрү болуп эсептелет. Инфинитив дайыма **to** деген бөлүкчө менен бирге колдонулат.

Кыймыл-аракетти же болбосо анын аткарылышынын жакка тиешесиз абалын билдирген этиштин жаксыз формасы **инфинитив** деп аталат.

Инфинитивдин төмөндөгүдөй формалары бар:

| | **Indefinite** | **Continuous** |
|---|---|---|
| **Active** | *to ask* | *to be asking* |
| **Passive** | *to be asked* | – |
| | **Perfect** | **Perfect Continuous** |
| **Active** | *to have asked* | *to have been asking* |
| **Passive** | *to have been asked* | – |

**Инфинитивдин чактарынын колдонулушу**

**Indefinite Infinitive** негизги этиштин кыймыл-аракети менен бирдей убакытты көрсөтүп колдонулат:

*He is very glad to see you. Ал сени көрүп турганына абдан кубанычтуу.*

**Continuous Infinitive** негизги этиштин кыймыл-аракети менен бирдей убакытта белгилүү бир мезгилде өтүп жаткан кыймыл-аракетти көрсөтүп колдонулат:

*The weather seems to be changing. Аба-ырайы өзгөрүп бара жаткансыйт.*

**Perfect Infinitive** төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Негизги этиштин кыймыл-аракетинен мурун болгон кыймыл-аракетти туюндурганда: *I am glad to have bought this book. Мен бул китепти сатып алганыма кубанам.*

2. Модалдык should, could, ought, might, was (were) жана to hope – үмүттөн, to expect – күт, to want – каала ж. б. негизги этиштерден кийин аткарылбаган өткөндөгү кыймыл-аракетти туюндурганда: *You should have kept your promise. Сиз убадаңызды аткарышыңыз керек эле да.*

**Инфинитивдин сүйлөмдө аткарган милдети.**

1. Инфинитив сүйлөмдө **ээ** боло алат:

*To smoke is bad for health. Тамеки тартуу денсоолукка зыян.*

2. Инфинитив сүйлөмдө **тике толуктооч** боло алат:

*He came here to see me. Ал бул жерге мени көргөнү келди.*

3. Инфинитив **татаал баяндоочтун атоочтук бөлүгү** боло алат:

*Her duty is to answer all letters. Анын милдети бардык каттарга жооп берүү.*

4. Инфинитив **этиштик татаал баяндоочтун** составына кирет:

*We can begin the experiment. Биз экспериментти баштай алабыз.*

5. Инфинитив сүйлөмдө **аныктооч** боло алат:

*He was the first to come here. Ал бул жерге биринчи болуп келди.*

6. Инфинитив сүйлөмдө **бышыктоочтун** милдетин аткарат:

*I was too young to think of such things at that time.*

*Мен ал кезде мындай нерселер тууралуу ойлоого абдан жаш элем.*

## Инфинитивдин бирикмелери

### Объективдик инфинитив бирикмеси

Бул бирикме эки бөлүктөн турат, б. а. атоочтук жөндөмөдөгү зат атооч (же объект жөндөмөдөгү ат атооч) жана инфинитив. Сүйлөмдө бул бирикме

татаал толуктоочтук милдетти аткарат жана төмөндөгүдөй учурларда колдонулат:

1. Каалоону туюндурган *to want, to like, to prefer, to expect* жана кабыл алуу, сезүүнү туюндурган *to hear, to feel, to watch, to make* (мажбурла), *to let* (уруксат кыл) ж. б. этиштерден кийин (сезүүнү туюндурган этиштерден кийин инфинитив **to** бөлүкчөсүз колдонулат):

*I want you to come back as soon as possible. Мен сенин мүмкүн болушунча тез кайра келишиңди каалайм.*

2. Ойлонууну туюндурган *to know, to think, to consider, to believe* жана уруксат, буйрук, кеңеш берүүнү туюндурган *to advise, to allow, to ask, to beg, to order, to promise* сыяктуу этиштерден кийин:

*I don't believe this to be true. Мен анын чын экендигине ишенбейм.*

## Атоочтук инфинитив бирикмеси

Бул бирикменин биринчи бөлүгүндө жактама ат атооч же зат атооч атооч жөндөмөдө жана экинчи бөлүгүндө инфинитив болот. Сүйлөмдө бул бирикме татаал ээнин милдетин аткарып, төмөндөгүдөй убактарда колдонулат:

1. Ойлонууну жана сезимди туюндурган *to think, to believe, to know, to expect, to consider, to suppose, to hear, to see* жана билдирүүнү туюндурган *to say, to report, to describe* ж. б. этиштерден кийин:

*He is known to be a good teacher. Анын жакшы мугалим экендиги белгилүү.*

2. Буйрук, өтүнүч, кеңеш жана уруксат кылууну туюндурган *to advise, to allow, to ask, to order* ж. б. этиштерден кийин:

*I was asked to come at nine o'clock. Мени саат тогузда кел деп өтүнүштү.*

**Предлог for менен бирикме.**

Бул бирикме обөективдик инфинитив бирикмесиндей эле түзүлөт да, бирок бирикменин башталышына **for** предлогу коюлат.

Инфинитивдүү **for** бирикмеси сүйлөмдө ар кандай милдет аткарат:

1. Татаал толуктоочтук:

*We waited for the rain to stop. Биз жаандын токтошун күтүп турдук.*

2. Татаал аныктоочтук:

*Here are some books for you to read. Сен окуганга мына бир нече китеп.*

3. Татаал ээлик:

*It will be impossible for me to come tomorrow. Мага эртең келүүгө мүмкүн эмес.*

4. Татаал бышыктоочтук:

*I have closed the window for you not to catch cold. Сага суук тийип калбасын деп терезени жаап койдум.*

## Герундий - Gerund

Герундий этиш менен зат атоочтун касиетине ээ болгон этиштин жаксыз түрү. Бул англис тилинде гана бар.

Герундийдин төмөндөгүдөй формалары бар:

| | Indefinite | Perfect |
|---|---|---|
| **Active** | *asking* | *having asked* |
| **Passive** | *being asked* | *having been asked* |

Герундийдин төмөндөгүдөй зат атоочтук касиеттери бар:

1. Сүйлөмдө ээ, толуктооч жана баяндоочтун атоочтук бөлүгү боло алышы;

2. Өзүнөн мурун предлог менен бирге колдонулушу;

3. Зат атооч менен ат атоочту аныктооч катары кабыл алышы;

Герундийдин төмөндөгүдөй этиштик касиеттери бар:

1. Этиштикиндей жай жана туюк мамилеси бар.

2. Өзүнөн кийин тике толуктооч кабыл алышы.

3. Тактоочту аныктооч катары кабыл алышы.

4. Негизги этиштин кыймыл-аракети менен бирдей же мурун болгон кыймыл-аракетти туюндуруп чактык үлүшкө ээ болушу.

**Герундийдин колдонулушу**

**Indefinite Gerund** негизги этиштин кыймыл-аракети менен бирдей убакта болгон кыймыл-аракетти көрсөтүп колдонулат:

*He was fond of reading when he was a child. Ал бала чагында китеп окуганды жакшы көрчү.*

Бышыктоочтук сөздөрдүн же сүйлөмдүн бүт маанисине карата герундий негизги этиштин кыймыл-аракетинен мурун болгон кыймыл-аракетти да туюндуруп колдонулат:

*I remember meeting you somewhere before. Мен сизди кайдандыр мурун жолуктургандыгым эсимде.*

**Perfect Gerund** негизги этиштин кыймыл-аракетинен мурун болгон кыймыл-аракетти туюндуруш үчүн колдонулат:

*I thanked him for having helped me in my studies. Менин окуума жардам бергендиги үчүн ага ыракмат айттым.*

**Герундийдин сүйлөмдө аткарган милдети.**

Герундийдин сүйлөмдө аткарган милдети төмөндөгүдөй:

1. Сүйлөмгө ээ болушу:

*Playing Golf is a favourite for Americans. Гольф ойноо америкалыктардын эң сүйгөн спорту.*

2. Сүйлөмгө тике жана предлогдуу толуктооч болушу:

*She likes reading a book. Ал китеп окуганды жакшы көрөт.*

3. Татаал баяндоочтун атоочтук бөлүгү боло алат:

*Her duty is answering all letters. Анын милдети бардык каттарга жооп берүү.*

4. Сүйлөмдө аныктооч болушу:

*I am glad to have the opportunity of talking to you. Мен сиз менен сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк табылганына кубанам.*

5. Герундий бышыктоочтун милдетин да аткарат:

*Think before answering. Жооп берүүдөн мурун ойло.*

# Атоочтук - Participle

Атоочтук деп сын атоочтун, тактоочтун жана ошондой эле этиштин маанисине ээ болгон этиштин жаксыз формасы аталат.

Англис тилиндеги атоочтуктардын өтмө жана өтпөс этиштерге ылайыктуу формалары бар.

Өтмө этиштерден түзүлгөн атоочтуктардын эки мамилеси (жай, туюк) жана беш формасы бар.

Өтмө этиштердин атоочтугунун формалары:

| **Participle I** | |
|---|---|
| **Active**<br>**Passive** | *writing*<br>*being written* |

| **Participle II** | **Perfect Participle** |
|---|---|
| *written* | *having written having been written* |

Өтпөс этиштерден түзүлгөн атоочтуктардын бир мамилеси (жай) жана үч формасы бар.

Өтпөс этиштердин атоочтугунун формалары:

| | **Participle I** | **Participle II** | **Perfect Participle** |
|---|---|---|---|
| **Active** | *falling* | *fallen* | *having fallen* |

**Participle I** (учур чактагы атоочтук) өтмө жана өтпөс этиштердин уңгусуна **-ing** мүчөсүн жалгоо аркылуу түзүлөт:

*to play playing – ойноп жаткан, ойноп жатып*

*to speak speaking – сүйлөп жаткан, сүйлөп жатып*

**Participle II** (өткөн чактагы атоочтук) туура этиштердин уңгусуна **-ed** мүчөсүн жалгоо аркылуу түзүлөт:

*to play – played – ойнолгон, ойнолуп жаткан*

*to finish– finished – бүтүрүлгөн, бүтүп жаткан*

**Participle II** туура эмес этиштерден болсо жалпы эрежеге баш ийбей өзгөчө түзүлөт: *to write – written – жазылган, жазылып жаткан*

*to build – built – курулган, курулуп жаткан*

Атоочтуктардын татаал түрү to be, to have жана негизги этиштердин Participle II формасы аркылуу түзүлөт:

**Participle I Passive** to be жардамчы зтишинин Participle I формасы (being) жана негизги этиштин Participle II формасы аркылуу түзүлөт:

*being written– жазылгандыктан, жазылып жаткан*

*being translated – которулгандыктан, которулуп жаткан*

**Perfect Participle Active** to have жардамчы этиштин Participle I формасы (having) жана негизги этиштин Participle II формасы аркылуу түзүлөт:

*having finished – бүткөндөн кийин*

*having written – жазгандан кийин*

**Perfect Participle Passive** to be жардамчы этишинин Perfect Participle формасы (having been) жана негизги этиштин Participle II формасы аркылуу түзүлөт:

*having been made – иштелип бүткөндөн кийин*

*having been taken – алынгандан кийин*

Атоочтуктун бардык формаларынын тангыч түрүн түзүү үчүн алардын алдына тангыч – **not** коюлат:

*not finishing – бүтпөй жаткан*

*not played – ойнолбогон, ойнолбой жаткан*

Адатта атоочтуктун алдында предлог турбайт, ушунусу менен ал герундийден айырмаланат:

Герундий – *On seeing them I remembered*

Атоочтук – *Seeing them I remembered*

Атоочтук себеп бышыктоочтун эмес, мезгил бышыктоочтун милдетин аткарса, анда алардын алдында байламта when же while колдонулат:

*When looking through the book, I came across an interesting picture. Китепти барактап отуруп, мен кызык сүрөткө жолуктум.*

**Атоочтуктардын колдонулушу.**

**Participle I** негизги этиштин кыймыл-аракети менен бирдей убакытта болгон кыймыл-аракетти туюндурат:

*Seeing that I was late I hurried. Кечигип жатканымды көрүп мен шаштым.*

**Perfect Participle** негизги этиштин кыймыл-аракетинен мурун болгон кыймыл-аракетти туюндурат:

*Having slept two hours he felt rested. Эки саат уктап туруп ал эс алгандыгын сезди.*

**Past Participle** өтмө этиштердин туюк даражадагы атоочтугу болуп эсептелет да кыймыл-аракеттин кандайдыр бир нерседе болуп бүткөндүгүн жана аткарылгандыгын туюндурат:

*broken – сынылган, сынган*      *painted – тартылган*

**Атоочтуктардын сүйлөмдө аткарган милдеттери**

Атоочтуктар сын атооч, тактооч жана этиштин маанисин аткаргандыктан сүйлөмдө ар кандай сүйлөм мүчөлөрү боло алат.

Сын атооч сыяктуу эле, атоочтук төмөндөгүдөй функцияларга ээ:

1. Аныктооч:

*The playing boy is my brother. Ойноп жаткан бала менин бир тууганым.*

2. Татаал баяндоочтун атоочтук бөлүгү:

*Every door was locked, so that it was impossible to leave the building. Бардык эшиктер кулптануу болгондуктан, үйдөн чыгып кетүүгө мүмкүн эмес эле.*

3. Кээде атоочтук сын атоочтун функциясында, аныктоочтуу багыныңкы сүйлөмдүн ордуна колдонулат:

*The boy playing in the garden was my brother. Бакта ойноп жаткан бала менин бир тууганым эле.*

4. Тактоочтун милдетинде атоочтук-сын-сыпат бышыктooч катары колдонулат:

*The flag hung on the building, was flapping gently in the breeze. Имараттын үстүндө илинип турган желек желге акырын желбиреп турду.*

Көнчүлүк учурда атоочтук сын-сыпат, мезгил, себеп ж. б. бышыктоочтун милдетин аткарып, бышыктоочтуу багыныңкы сүйлөмдүн ордуна колдонулат: *Having finished his work, he went home. Жумушун бүткөндөн кийин ал үйүнө кетти.*

## Тактооч - Adverb

1. **Сын-сыпат** тактооч: *badly, well, slowly, quickly* ж. б.
2. **Мезгил** тактооч: *today, yesterday, soon, now, late, then*
3. **Күдүк** тактоочтор: *often, never, ever, always, how often* ж. б.
4. **Орун** тактооч: *here, there, above, outside* ж. б.
5. **Даража** тактооч: *little, much, quite, very, too, how much*

**Жөнөкөй тактооч** деп бөлүүгө болбой турган бир уңгудан турган тактоочторду айтабыз: *soon, fast, here, there, when, why, well, hard, much, very, quite, often.*

**Туунду тактоочтор** суффикс **-ly**нин зат атоочко жана сын атоочко уланышы менен түзүлөт:

*bad – badly – жаман      quick – quickly – ылдам*

**Татаал тактоочтор** сөздөрдүн бирикмесинен түзүлөт:

*Sometimes – кээде, meantime – ошол убакта, anyway – кандай болсо да, midway – жарым жолдо, inside – ичинде, overhead – үстүндө.*

**Курама тактоочтор** деп бир маанини түшүндүргөн жардамчы жана маани берүүчү сөздөрдүн бирикмесинен түзүлгөн тактоочторду айтабыз:

*at length – толук, бүт, at first – адегенде, in vain – бекеринен, at least – айла кеткенде, жок дегенде.*

Англис тилинде көпчүлүк тактоочтор формасы боюнча башка сөз түркүмдөрүнө окшош келишет. Ошондуктан алардын тактооч экендигин сүйлөмдөгү аткарган милдетине жараша билүүгө болот.

| |
|---|
| **Сын атооч** |
| *He stayed long time with us. Ал көп убакытка бизде туруп калды.* |
| **Байламта** |
| *He returned before I had time to go away. Мен убакыт таап кайра кет-кенче ал келип калды.* |
| **Предлог** |
| *I shall speak to you after dinner. Мен сени менен түшкү тамактан кийин сүйлөшөм.* |
| **Тактооч** |
| *He stayed long with us. Ал биздикинде көпкө турду.* |
| **Тактооч.** |
| *I have never seen him before. Мен аны мурда эч качан көргөн эмесмин.* |
| **Тактооч** |
| *I shall tell you about it after. Мен ал жөнүндө сага кийин айтам.* |

## Тактоочтун салыштырма даражалары

Англис тилинде тактоочтор салыштырма даражаларын сын атоочтордой эле түзүшөт. Бир муундан турган тактоочтор салыштырма сынын **-er**, ал эми күчөтмө сынын **-est** суффикстери аркылуу түзүшөт:

| Жай даража | Салыштырма даража | Күчөтмө даража |
|---|---|---|
| *soon*<br>*fast*<br>*loud* | *sooner*<br>*faster*<br>*louder* | *the soonest*<br>*the fastest*<br>*the loudest* |

Көп муундуу жана **-ly** менен аякталган тактоочтор салыштырма даражада **more, less** күчөтмө даражада **most, least** деген сөздөрдү кошо пайдалануу менен түзүлөт:

| Жай даража | Салыштырма даража | Күчөтмө даража |
|---|---|---|
| *seldom*<br>*slowly*<br>*bravely* | *more seldom*<br>*more slowly*<br>*less bravely* | *the most seldom*<br>*the most slowly*<br>*the most bravely* |

Кээ бир тактоочтор даражаларын бөлөк уңгуга өтүү менен түзүшөт:

| Жай даража | Салыштырма даража | Күчөтмө даража |
|---|---|---|
| *much көп*<br>*little аз*<br>*well жакшы*<br>*badly жаман*<br>*far ыраак* | *more көбүрөөк*<br>*less азыраак*<br>*better жакшыраак*<br>*worse жаманыраак*<br>*farther ыраагыраак*<br>*further* | *the most абдан көп*<br>*the least абдан аз*<br>*the best эң жакшы*<br>*the worst эң жаман*<br>*the farthest эң ыраак*<br>*the furthest абдан ыраак* |

**Тактоочтун сүйлөмдө аткарган милдети.**

Тактооч сүйлөмдө кыймыл-аракеттин аткарылган мүнөзүн, убакытын, кээде анын себебин, максатын же болбосо натыйжасын аныктап туруучу бышыктоочтук сөз болуп саналат. Тактооч ошондой эле сапаттын даражасын аныктайт: *He moved slowly over the soft snow. Ал жумшак карда жай бара жатты.*

Эгерде тактооч суроолуу сүйлөмдө колдонулса, анда ал суроолуу тактооч деп аталат: *Why don't you speak English? Эмне үчүн сиз англисче сүйлөбөйсүз?*

Эгерде тактооч аныктоочтуу сүйлөмдү баш сүйлөм менен байланыштырса, анда ал **мамиле тактооч** деп аталат: *It was in the year when the war broke out. Бул согуш башталган жылы болгон эле.*

**Тактоочтун сүйлөмдөгү орду.**

Тактооч сүйлөмдө өзүнүн маанисине карай ар түрдүү орундарды ээлейт:

Сапат же кыймыл-аракет даражаларын аныктоочу тактоочтор ар дайым аныкталуучу сөздүн алдында турушат:

*She runs extremely fast. Ал эң эле ылдам чуркайт.*

Сапат же кыймыл-аракет даражаларын аныктап туруучу тактооч **enough** ар дайым аныкталуучу сөздөн кийин турат:

*Akmat reads English books fluently enough. Акмат англис тилиндеги китептерди жакшы эле шар окуйт.*

Кыймыл-аракеттин аткарылуучу мезгилин аныктоочу тактоочтор *(today, yesterday, tomorrow)* сүйлөмдүн аягында же сүйлөмдүн башында турушат:

*Yesterday I was at the cinema. Мен кечээ кинодо болдум.*

Кыймыл-аракеттин аткарылуучу ордун аныктоочу тактоочтор: here, there ар дайым сүйлөмдүн аягында же мезгил тактоочтун алдында турат:

*They will come at 5 o'clock here. Алар бул жерге саат 5те келишет.*

Кыймыл-аракеттин аткарылып турушун аныктоочу тактоочтор: *always, often, seldom, hardly, just, already* ж. б. этиштердин алдында турушат:

*I never met him before. Мен аны эч качан мурда көргөн эмесмин.*

Бул тактоочтор этиштин татаал формасында жардамчы жана негизги этиштин ортосунда коюлат:

*I have never seen such a beautiful picture. Мен мындай татынакай сүрөттү эч качан көргөн эмесмин.*

Кыймыл-аракеттин мүнөзүн аныктоочу тактоочтор ар дайым аныктай турган этиштерден же толуктоочу бар сүйлөмдөрдөн кийин турат. Кээде алар өзүлөрү аныктап турган этиштердин алдында да турат:

*Bek sings beautifully. Бек сонун ырдайт.*

Тактооч **only** сүйлөмдө аныктай турган сөздүн маанисин күчөтүү үчүн колдонулат жана маанисин күчөтүүчү сөздөрдүн алдында турат:

*Only he came into the room. Бөлмөгө ал гана (эле) кирди.*

*He only came into the room. Бөлмөгө ал гана (эле) кирди.*

## Байламталар - Conjunctions

Кыргыз тилиндегидей эле англис тилинде байламталар сөз менен сөздүн, сүйлөм менен сүйлөмдүн же сүйлөм мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон катнашын туюндуруш үчүн колдонулат.

Байламталар өзүлөрүнүн түзүлүшү боюнча **жөнөкөй, татаал** жана **курама** болуп үчкө бөлүнүшөт.

**Жөнөкөй** байламталарга бир уңгудан түзүлгөн сөздөр кирет: *and, but, or, if, that* ж. б.

**Татаал** байламталарга эки сөздүн бирикмесинен түзүлгөн байламталар киришет: *however, whereas* ж. б.

**Курама** байламталарга кызматчы жана негизги сөздөрдүн бирикмесинен түзүлгөн байламталар киришет: *in case, as long as, in order to* ж. б.

Курама байламталарга эки байламтанын бирикмесинен турган сөздөр да киришет*: both... and, either... or, neither... nor, not only... but also, as... as, not so... as.*

Англис тилинде эки же андан көп сөздөрдү, сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштырып туруучу байламталар, **байланыштыргыч** жана **багындыруучу** байламталар болуп экиге бөлүнүшөт.

**Байланыштыргыч** байламталар, бир өңчөй сөздөрдү же сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштырат.

Алар: *and, as well as, nor, neither... nor, but, still, yet, or, either... or, however:*

*There are five chairs and a table in the room. Бөлмөдө беш отургуч жана бир стол турат.*

**Багындыруучу** байламталар, баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдү байланыштырат.

Алар: *that, whether, if, as, soon as, as long as, till, until, before, after, since, when, while, because, so that* ж. б. болуп эсептелет:

*I don't know whether he will come tonight. Ал бүгүн кечинде келеби, билбейм.*

Байламталардын өзүнчө синтаксистик функциясы жок, б. а. сүйлөм мүчөлөрү боло албайт. Ошондуктан алар сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштыруу үчүн колдонушат.

## Предлогдор - Prepositions

**Жөнөкөй** предлогдор: *in, on, at, by, to, with, from, of, for* ж. б. болуп эсептелет.

**Татаал** предлогдор: *inside – ичине, outside - тышында, throughout– аркылуу, upon – үстүндө, into– ичине* ж. б. болуп эсептелет.

**Курама** предлогдор: *because of – үчүн, instead of – ордуна, by means of – жардамы менен, as far as – чейин, in spite of – карабастан, in front of– алдында, opposite to –каршы* ж. б.

**Предлогдордун колдонулушу.**

Предлогдор ар дайым зат атооч, ат атооч жана герундийдин алдында колдонулат. Эгерде зат атоочтун алдында аныктап турган сөз болсо предлог анын алдына коюлат:

*He goes to the library every day. Ал күнүгө китепканага барат.*

Where?, What?, Whom? деген суроолуу сөздөр менен башталган суроолуу сүйлөмдөрдө предлогдор сүйлөмдүн аягына коюлат:

*Where are you going to? I am going to school.*

*Where are you coming from? I am coming from school.*

Предлогдор убакыт, аралык, себеп, максат жана башка мамилелерди туюндуруп турушат. Кээ бир предлогдор зат атооч сөздөр менен бирге колдонгондо өзүнүн лексикалык маанисин жоготуп коюшат да, алар кыргыз тилинде төмөндөгүдөй жөндөмө мүчөлөрү менен берилет:

1. Предлог – **of** кыргыз тилинде илик жөндөмөнүн мүчөсү менен берилет:

*The walls of the room are white. Бөлмөнүн дубалдары ак.*

2. Предлог – **to** барыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрү аркылуу берилип, багытты туюндурат: *He went to the cinema. Ал кинога кетти.*

3. Предлог **in, at, on** – орунду, убакытты туюндурганда кыргыз тилинин жатыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрү менен берилет:

*Asan works at a plant. Асан заводдо иштейт.*

4. Предлог –**from** убакытты жана багытты туюндурганда кыргыз тилинин чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү менен берилет:

*He took the book from the shelf. Ал китепти текчеден алды.*

Англис тилинин кээ бир предлогдору кыргыз тилине өзүнчө лексикалык маани менен берилет:

1. Предлог **before** убакытты туюндурганда «**мурда, мурун**» деп берилет:

*I shall come before 5 o'clock. Мен саат бештен мурун келем.*

2. Предлог **till** убакытты туюндурганда «**чейин**» деп берилет.

*Till the end of this week I shall be very busy. Бул жуманын акырына чейин менин колум бошобойт.*

3. Предлог **about** убакытты жана орунду көрсөткөндө «**ченде**», «**жанында**», ал эми бир нерсе тууралу туюндурса«**жөнүндө**» «**тууралуу**» деп которулат:

*They came at about two o'clock. Алар саат эки ченде келишти.*

4. Предлог **for** убакытты туюндурса «**бою**», максатты көрсөтсө «**үчүн**», ал эми багытты билгизгенде барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү менен берилет:

*I lived in America for two years. Мен Америкада эки жыл бою жашадым.*

5. Предлог **with** кыргыз тилинде «**менен**» деген сөздүн жардамы менен берилет:

*I shall go to the country with Aichurok. Мен айылга Айчүрөк менен барам.*

6. Предлог **-by** кыймыл-аракет аткаруучуга тийиштүү болгондо, убакытты жана орунду туюндурганда кыргыз тилинде «**тарабынан, аркылуу, жанында, ченде**» деген маанини түшүндүрөт:

*It was written by a young writer. Бул жаш жазуучу тарабынан жазылган.*

7. Англис тилинде предлог дайым эле сөздүн алдында колдонулбастан алардан кийин да колдонулат. Алсак, кээ бир этиштер өзүнөн кийин белгилүү бир предлогду талап кылат. Мындай учурда кыргыз тилинде алар бир этиш сөз менен гана берилет:

| | |
|---|---|
| to hope for – ишен | to look for – изде |
| *to accuse of– күнөөлө* | *to listen to –ук* |
| *to wait for – күт* | *to care for – кызык, жакшы көр* |
| *to ask for – суран* | *to explain to – түшүндүр* |

## Сырдык сөз - Interjection

Адамдын ички сезимдерине карата болгон мамилесин билдирүүчү сөздөр **сырдык сөздөр** деп аталышат. Сырдык сөздөрдү сүйлөм мүчөлөрү боло албайт жана сүйлөм мүчөлөрү менен сүйлөмдө эч кандай байланышы жок жана өзүнчө айырмаланып турат.

Маани берүүчү сөз түркүмдөрүнөн айырмасы, сырдык сөздөр өздөрү билдирген маанинин аты эмес, атоо функциясына да ээ эмес. Алар сүйлөөчүнүн ички сезимин же эрктик мамилесин билдирүүчү өзгөчө бирречтик белги болуп эсептелет.

Сырдык сөздүн кандай мааниде колдонулгандыгы, айрыкча, оозеки речте белгилүү бир интонация менен же жандоо менен кошо айтылганда

түшүнүктүү болот. Сырдык сөздөр адамдын речине эмоциялуу мүнөз берип, сүйлөөчүнүн чындыкка карата болгон мамилесин көрсөтөт.

Байланыштуу речте сырдык сөздөр адамдын ички сезимин билдириш үчүн тыбыш катарында берилет (*oh! ah! Bravo!, Hush! Hurrah!*) же өзүнчө сырдык сөздүк бирикмелер катарында берилет:

*For shame! – Уят! Well done! – Азамат!*

## Бөлүкчөлөр - Particles

1. **Күчөтмө** бөлүкчөлөр: *even – жадегенде, yet, still –дагы, just – так ушул, так өзү, азыр эле, simply – жөн эле, never – эч качан* ж. б.

2. **Тактооч** бөлүкчөлөр: *just, right, exactly, precisely – так ушул, так өзү, туптуура, даана* ж. б.

Өзгөчөлөп ченемдеген бөлүкчөлөр: *even – жадагенде, only – гана, merely – гана, жөн эле, just – гана, эле, жөн эле, alone – гана* ж. б.

**Бөлүкчөлөрдүн колдонулушу.**

Бөлүкчөлөр өзүлөрүнүн мааниси боюнча төмөндөгүдөй колдонулушат:

1. Тангыч **not (n't)**:

а) этиштин тангыч формаларын түзгөндө:

*I don't speak French. Мен французча сүйлөбөйм.*

б) ар кандай сөз түркүмдөрү менен берилген бөлөк сүйлөм мүчөлөрүн тануу маанисинде:

*I asked him not to do that again. Мен андан муну кайра жасабагын деп сурангам.*

в) берилген суроого тангыч сүйлөм менен жооп бергенде:

*Will you go to the library tomorrow? I'm afraid not, I'm very busy. Сен эртең китепканага барасыңбы? Жок, колум бошобойт ко дейм.*

2. Күчөтмө жана өзгөчөлөп ченемдеген бөлүкчөлөр суроолуу жана тангыч сүйлөмдөрдө **can** модалдык этиши менен:

*I can only tell you what I know. Билгенимди мен сизге айтып гана бере алам.*

3. Тактооч бөлүкчөлөр also, too, as well, either – дагы маанисинде мурунку айтылган ойго сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн катнашын көрсөткөндө:

*They are planning to play football tomorrow. My brother will play with them too. Алар эртең футбол ойноону пландаштырып жатышат.*

*Менин бир тууганым дагы алар менен бирге ойнойт.*

4. Көпчүлүк бөлүкчөлөр өзүлөрүнүн түзүлүшү боюнча тактоочторго (just, still, never ж. б), сын атоочторго (right, even, only) жана ат атоочторго (all, either) окшош. Бирок алар өзүнчө лексикалык маанини туюндурбайт жана сүйлөм мүчөсү боло албайт, болгону өзүлөрү тиешелүү болгон сөздөрдүн маанисин күчөтүп, тактап же өзгөчөлөп турушат:

*Bolot has just come, (тактооч) Болот азыр эле келди.*

*Bolol just came to see you. (бөлүкчө) Болот сени көргөнү эле келди.*

## Модалдык сөздөр - Modal words

**Модалдык сөздөр** өзүлөрүнүн түзүлүшүнө карата төмөндөгүдөй болуп үчкө бөлүнөт:

**Жөнөкөй** модалдык сөздөр: *sure, perhaps* ж. б.

**Туунду** модалдык сөздөр: *surely, naturally, really* ж. б.

**Куранды** модалдык сөздөр: **maybe, to be sure** ж. б.

**Модалдык сөздөр** өзүлөрүнүн маанисине карата төмөндөгүдөй бөлүнүшөт:

1. Ишенимди туюндуруучу: *of course, sure, surely, tobe sure, sure enough, no doubt, naturally.*

2. Макулдукту же макул эместикти туюндуруучу: *fortunately, unfortunately, luckily, unluckily, happily, unhappily.*

3. Күмөн саноону жана божомолдоону туюндуруучу: *maybe, perhaps, probably.*

4. Күчөтмө маанини туюндурган: *indeed, really*

Ушул жогорудагы модалдык сөздөрдүн бардыгы сүйлөмдө киритме сөздүн милдетти аткарышат:

*Perhaps they will come tomorrow. Мүмкүн алар эртең келишет.*

5. Берилген суроого оң же терс жоопту туюндуруп, толук бир сүйлөмдүн маанисин берген: *Yes, Yes, of course., of course., Oh, yes. Certainly, Yes, indeed. Sure! No, 'doubt. Perhaps. Maybe* ж. б. сөз түркүмдөрү да кирет:

*Would you talk to him? – Yes, of course. Сиз аны менен сүйлөшүп коңсузбу? – Ооба, ананчы (айныксыз).*

## Сүйлөм - Sentence

Ар кандай сүйлөм өзүлөрүнө тийиштүү сүйлөм мүчөлөрүнөн турат. Эки тилде тең сүйлөм мүчөлөрү **баш** жана **айкындоочтук** болуп бөлүнүшөт. Сүйлөмдүн баш мүчөсүнө **ээ**, **баяндооч**, ал эми айкындооч мүчөлөрүнө **толуктооч**, **аныктооч** жана **бышыктооч** киришет.

Сүйлөм өзүнүн түзүлүшү боюнча **жөнөкөй** жана **татаал** болуп экиге бөлүнөт. Татаал сүйлөмдөр **татаал кош сүйлөм** жана **татаал багыныңкы сүйлөм** болуп бөлүнүшөт.

Сүйлөмдүн максаттык маанисине карата төмөндөгүдөй бөлүнүшөт:

1. Жай сүйлөм:

*He is writing a letter. Ал кат жазып жатат.*

2. Суроолуу сүйлөм:

*Where do you go after the lessons? Сабактан кийин сен кайда барасың?*

3. Илептүү сүйлөм:

*Oh, what lovely flowers! Кандай сүйкүмдүү гүлдөр!*

4. Буйрук сүйлөм:

*Come to the blackboard. Доскага чыгыңыз.*

## Жай сүйлөм - Declarative sentences

**Жай сүйлөм**:

*He has just broken his pencil. Ал азыр эле карандашын сындырып алды.*

Англис тилинде кыргыз тилиндегидей эмес ар бир сүйлөмдүн өзүнө гана мүнөздүү туруктуу сөз тартиби бар. Жай сүйлөмдү төмөндөгүдөй көрсөтүүгө болот:

| Ээ | баяндооч | толуктооч | | |
|---|---|---|---|---|
| | | кыйыр | тике | предлогдуу |
| *She* | *bought* | *her brother* | *a book* | *for a present* |

Сүйлөмдө сөздөрдүн тартибинин бузулушу, б. а. ээден мурун баяндоочтун коюлуп колдонушу **инверсия** деп аталат. Инверсия дайыма суроолуу сүйлөмдөрдө болот. Жай сүйлөмдөгү инверсия төмөндөгүдөй учурларда жолугат.

1. There is (are, will be, has been, can be, may be ж. б.) түрмөгүндөгү сөз айкаштарында:

*There is a table in the classroom. – Класста стол турат.* **(there is** – баяндооч, **a table – ээ).**

2. Макулдукту же макул эместикти билдирген кыска жооптордо. Көбүнчө: **so** (neither) **do** (have, am, can) I –Мен дагы.

*My brother speaks quite well. – So does my sister. Менин бир тууганым абдан жакшы сүйлөйт. – Менин карындашым дагы.*

3. Эгерде сүйлөмдүн ээси зат атооч болуп, сүйлөм **here**– мына, **there** – тигил жакта, **now** – азыр, **then** – анда тактоочтору менен башталса:

*Here comes our teacher. Мына биздин мугалим келе жатат.*

4. Төл сөздүн кириш бөлүгүндө ээлик милдетти зат атооч аткарганда:

*«What is wrong with you?» asked the doctor. «Сизге эмне болду?» – деп доктор сурады.*

Эгерде ээлик милдетти өздүк ат атооч аткарса инверсия болбойт:

*«What is your name?» he asked. «Сиздин атыңыз ким?» – деп сурады.*

## 'There is (are)' сөз айкашы

Бул айкашуу **there is (are)** заттын бардыгын же бир белгилүү орунда тургандыгын көрсөтүп, «бар», «турат», «жүрөт» деген мааниде колдонулат.

Кыргыз тилинде мындай учурда сүйлөм мезгил же орун бышыктоочтор менен башталат:

Англис тилинде мындай учурда сүйлөм **there is (are)** айкашы менен башталып, андан кийин ага тиешелүү болгон зат атооч, андан кийин бышыктооч сөздөр келет. **To be** жардамчы этиши өзүнөн кийинки зат атоочко карата жакталып өзгөрөт:

*There is a pen on the desk. Партада калем сап бар. There are books on the table. Столдо китептер жатат.*

**There is (are)** айкашында **to be** жардамчы этиши ар кайсы чактарда колдонулат:

*There were no pictures in this magazine. Бул журналда сүрөттөр жок экен.*

Суроолуу сүйлөмдө «**to be**» жардамчы этиши **there**дан мурун коюлат:

*Are there children in the garden? Were there pupils at school?*

Тангыч сүйлөмдөрдө **there is (are)** айкашынан кийин **no** деген ат атооч коюлат. Бул учурда зат атоочтун алдына артикль коюлбайт.

*There is no bed in this room.*

*There were no teachers at school, when I came.*

Эгерде зат атоочтун астында аны аныктай турган **any, much** жана башка ат атоочтор колдонулса **not** деген сөз колдонулат:

*There are not any flowers in the room. There is not much water in the pond.*

## Суроолуу сүйлөм - Interrogative sentence

Суроолуу сүйлөмдөрдүн негизги максаты сүйлөшүп жаткан адамдан керектүү билдирүүнү же андан суроонун маанисине ырастап (жоктоп) жооп алуу болуп эсептелет. Суроо менен жооп мааниси грамматикалык жактан бирдиктүү. Жооптун түзүлүшү суроонун түзүлүшүнө байланыштуу. Ушул себептен көпчүлүк убактарда даяр туруктуу жооп сөздөр колдонулат: yes – ооба, no – жок ж. б.

Англис тилинде суроолуу сүйлөмдөрдүн жай сүйлөмдөрдөн төмөндөгүдөй айырмачылыктары бар:

1. Көпчүлүк суроолуу сүйлөмдөр инверсия менен түзүлөт.

2. Ар кандай суроолуу сүйлөмдөрдүн өзүлөрүнө тиешелүү интонациясы бар.

3. Жазууда суроолуу сүйлөмдөрдүн аягына суроо белгиси коюлат.

Берилген суроолордун мүнөзүнө жана аларга берилүүчү жоопторго карата суроолуу сүйлөмдөр **жалпы, атайы, айырмалоочу** жана **альтернативдик болуп** бөлүнүшөт.

## Жалпы суроо - General questions

Жалпы суроолорго инверсия мүнөздүү б. а. ээден мурда суроону туюндурган жардамчы этиштер колдонулат: *Do you speak English?*

Жалпы суроого берилген жооптор түзүлүшү боюнча **кыска же толук** болушу керек. Мына ушуга байланыштуу берилген жоопторду төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

1. Сүйлөмдү алмаштырган сөз же сөз айкаштары:

*Did you say anything? – No.*

2. Өзүнө-өзү ишенбегендикти же ичи ачышкандыкты ырастоо же таанууну туюндурган туруктуу сөз айкаштары:

*I hope so – үмүттөнөм. I hope not – үмүттөнбөйм ж. б.*

3.Суроонун маанисин толуктаган толук сүйлөмдөр:

*Do you know where Akmat lives? – I am afraid I don’t know.*

## Атайы суроолор - Special questions

Атайы суроолор **who, what, which, why, when, where** ж. б. менен башталат, жана алар сүйлөмдүн мүчөлүк милдетин аткарышат.

*Who told you that? (ээ)*

*Which bus goes to the park? (аныктооч)*

*What are you writing? (толуктооч)*

*What street do you live in? (бышыктооч)*

Атайы суроолор жалпы суроолорго караганда толук же жарым сүйлөмдөн турган жоопту талап кылышат:

*What's the matter with you? – I'm feeling bad, I have a headache.*

## Айырмалоочу суроолор - Disjunctive questions

Айырмалоочу суроолор эки бөлүктөн турат. *She is at home, isn't she? Ал үйдө, ушундайбы? She isn't at home, is she? Ал үйдө эмес, чындыкбы?*

Айырмалоочу суроого ырастоону же танган маанини берүүчү кыска туруктуу сөз айкалыштары колдонулат:

*She speaks English quite well, doesn't she? – Yes, she does. Ал англис тилинде абдан жакшы сүйлөйт, ыраспы? – Ооба. You have a book, haven't you? – No, I haven't. Сенин китебиң бар, ошондойбу? – Жок.*

## Альтернативдик суроолор - Alternative questions

Альтернативдик суроолор:

*Do you go to school or to the cinema? Сеп мектепке барасыңбы же киного барасынбы?*

Альтернативдик суроолорго толук жооп берилет.

*Do they play volley-ball or basket-ball? They play basket-ball. Алар волейбол ойношобу же баскетбол ойношобу? – Алар баскетбол ойношот.*

## Буйрук сүйлөмдөр- Imperative sentences

Буйрук сүйлөмдөр ээсиз колдонулат:

*Read the book! – Китепти оку (ңуз)!*

*Tell him about it! – Бул жөнүндө ага айт (ыңыз)!*

Буйрук сүйлөмдөрдүн башына же аягына **please** же сүйлөмдүн аягына **will you, won't you** деген сөздөр кошумчаланып колдонулса, сүйлөөчүнүн өтүнүчүн же чакыруусун туюндурат:

*Close the door, please! – Эшикти жабыңызчы, мүмкүн болсо!*

*Please, close the door. – Мүмкүн болсо эшикти жабыңызчы!*

Өтө эле өтүнгөндүк сүйлөмдүн башына **do**ну колдонуу менен көрсөтүлөт:

*Do write to me! – Мага айныксыз жазып турсаңыз!*

*Do read it! – Муну сөзсүз окуңуз!*

## Илептүү сүйлөмдөр - Exclamatory sentences

Илептүү сүйлөмдөр:

*How clever he is! – Кандай акылдуу ал! (баяндооч)*

*What interesting books you have bought! (толуктооч)*

Англис тилинде илептүү сүйлөмдөр **what – кандай,** эм**не** деген жана **how – кандай** деген ат атооч сөздөр менен башталып түзүлүшөт.

**How** тактооч, сын атоочтор, ал эми **what** зат атоочтор менен колдонулушат: *What a pretty room this is!,* *How late it is!*

Сүйлөө речинде көптөгөн сүйлөөчүнүн сезимин билгизүүчү сөз түрмөктөрү жана сүйлөмдөр бар. Алар көпчүлүк убакытта сырдык сөздөр менен колдонулат:

*What a good idea!* *What a hot day!*

## Тангыч сүйлөмдөр - Negative sentences

Эгерде сүйлөөчү жай, суроолуу же буйрук сүйлөмдөрдө өзүнүн оюнун аткарылбай тургандыгын билгизгиси келсе, ал сүйлөмдөр тангыч сүйлөмдөр деп аталышат. Англис тилинде мындай сүйлөмдөрдө бир гана тангыч сөз колдонулат. Ал эми кыргыз тилинде болсо сүйлөмдүн маанисине карата эки же андан көп тангыч сөздөр колдонулушу мүмкүн:

*They never come early. Алар эч качан эрте келишпейт.*

Англис тилинде тангыч сөз **not** көпчүлүк убактарда баяндоочтор менен бирге колдонулат жана ал жардамчы же модалдык этиштерден кийин коюлат:

*I cannot play chess. Мен шахмат ойной албайм.*

Таңгыч сөздөр ээ жана толуктооч менен да бирге колдонулат. Мындай учурда баяндооч эч кандай тангыч сөзсүз колдонулат:

*There is nothing interesting in this book. Бул китепте кызыктуу эч нерсе жок.*

Көпчүлүк убактарда тангыч сүйлөмдө толуктоочтун ордуна сөз, же anything, anybody ж. б. ат атоочтор колдонулат:

*She answered nothing. She didn't answer anything.*

## Жактуу, белгисиз жактуу жана ээсиз сүйлөмдөр

Ээнин сүйлөмдө катышуусуна карата сүйлөм **жактуу, белгисиз жактуу** жана **ээсиз** болуп бөлүнөт. **Жактуу** сүйлөмдөрдө ээ болот. Ээ кайсы гана сөз түркүмү болбосун боло берет:

*The table is in the room. Стол бөлмөдө.*

**Белгисиз жактуу** сүйлөмдөрдүн ээси кандайдыр бир белгисиз затты туюндурат. Англис тилинде мындай сүйлөмдүн ээсинин милдетин **one** деген сөз аткарат. Бул сөз кыргыз тилине которулбайт:

*One could see four windows of the room. Үйдүн төрт терезеси көрүнүп турган.*

Ошондой эле белгисиз жактуу сүйлөмдүн ээсинин милдетин **they** да аткарат:

*They say he will be back tomorrow. Аны эртең келет деп жатышат.*

Англис тилинде **ээсиз сүйлөмдөрдө** кыймыл-аракетти аткарган субөектиси болбогону менен, субъекттин ордуна **it** деген ат атооч колдонулат. Бул учурда «**it**» эч кандай мааниге ээ болбостон формалдуу эле ээнин милдетин аткарат. Ээсиз сүйлөмдөр жаратылыштын кубулуштарын, аба ырайынын абалын, убакытты жана аралыкты билгизүүдө колдонулат. Кыргыз тилинде мындай сүйлөмдөр эч кандай ээсиз эле колдонулушат:

*It is cold. – Суук. It was summer. – Жай эле.*

## Жөнөкөй сүйлөм - Simple sentence

Ээ менен баяндоочтон түзүлгөн сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөм дейбиз. Бул сүйлөмдү түзүүгө **толуктооч**, **аныктооч** жана **бышыктоочтор** да катышат.

Сүйлөмдө ээ менен баяндоочтун катышуусуна карата сүйлөм **толук** жана **толук эмес** болуп бөлүнөт.

**Толук** сүйлөмдө ээ, баяндооч экөө тең катышат:

*Almaz lives in this town. – Алмаз бул шаарда жашайт.*

**Толук** эмес сүйлөмдө ээ же баяндооч, же экөө тең колдонулбай калышы мүмкүн. Кемчил болгон сүйлөм мүчөлөрү мурунку айтылган баян же шарт менен аныкталып турат. Мындай сүйлөмдөр кыска суроо жоопто көп колдонулат.

*Do you go to the cinema? – Of course. Have you ever seen him? – Never.*

Сүйлөм түзүү касиеттерине карата сүйлөм мүчөлөрү **баш** жана **айкындооч** болуп экиге бөлүнүшөт. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү менен өзүнчө сүйлөм түзүүгө болсо, айкындооч мүчөлөрү менен мүмкүн эмес.

## Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү
## Ээ - Subject

Англис тилинин жай сүйлөмдөрүндө ээ дайыма баяндоочтун алдында турат жана төмөнкү сөз түркүмдөрү менен туюндурулат:

1. Зат атооч менен:

*Aijigit's father saw that the picture had fallen down. Айжигиттин атасы сүрөттүн түшүп калганын көрдү.*

2. Атооч жөндөмөдө турган жактама, шилтеме ат атоочтор жана таандык ат атоочтордун экинчи формасы, ошондой эле сурама, тангыч, күдүк ат атоочтор менен:

*She may find work here. Ал бул жерден жумуш таба алат.*

3. Эсептик жана иреттик сан атоочтор менен:

*Of these two books the first is the better. Бул эки китептин биринчиси жакшыраак.*

4. Инфинитив жана герундий менен:

*To smoke is bad for health. Тамеки тартуу ден-соолукка зыян.*

Ээ өзүнө тиешелүү сөздөр менен ээлик группаны түзөт:

Жекелик сан үчүнчү жактын ат атоочу **it** ээнин милдетин төмөндөгү учурларда аткарат:

1. **It** ээнин милдетин аткаруу менен көпчүлүк убакта жекелик сандагы зат атоочторду алмаштырат:

*I shall buy a new book, it will be very interesting. Мен жаңы китеп сатып алам. Ал абдан кызык болот.*

2. It ээсиз сүйлөмдөгү формалдуу ээнин ролун аткарат:

*It is raining. – Жаан жаап жатат.*

*It is cold. – Суук.*

3. It шилтеме ат атоочтордун маанисинде да ээлик милдетти аткарат:

*It was my brother. – Ал менин бир тууганым эле.*

## Баяндооч - Predicate

Англис тилиндеги баяндооч жай сүйлөмдөрдө дайыма ээден кийин келет жана этиштин жактама формасы менен туюндурулат. Баяндооч **жөнөкөй, атоочтук татаал** жана **этиштик татаал** болуп үчкө бөлүнөт:

**1. Жөнөкөй баяндооч** этиштин жактама формасынан турат. Жөнөкөй баяндооч этиштин бардык чактарында, мамилелеринде жана ыңгайларында боло берет:

*The boy sent his letter to the wrong address. Бала катты туура эмес дарекке жиберди.*

**2. Атоочтук татаал баяндооч** байланыштыргыч этиштен жана ошондой эле баяндоочтун атоочтук бөлүгүнөн турат. Байланыштыргыч этиш ээни баяндооч менен байланыштырып, чакты, мамилени, ыңгайды көрсөтөт жана ээ менен жакта жана санда айкалышат. Баяндоочтун атоочтук бөлүгү ээни мүнөздөөчү татаал баяндоочтун негизги бөлүгү болуп саналат:

*My friend has become an engineer. Менин жолдошум инженер болду.*

Баяндоочтун атоочтук бөлүгүнүн милдетин төмөнкү сөз түркүмдөрү аткарышат:

1. Зат атооч: *Aisha became a doctor. This boy is my brother.*
2. Сын атооч: *It is getting cold.*
3. Ат атоочтор: *This book is mine. What is he?*
4. Эсептик жана иреттик сан атоочтор: *We were five. He was the first.*
5. Инфинитив жана герундий: *The thing to do now is to close up the lesson, go home and sleep.*

**3. Этиштик татаал баяндооч** көмөкчү этиштер can, may, must ж. б. менен инфинитивдин бирикмесинен, ошондой эле кыймыл-аракеттин башталышын, уланышын, бүтүшүн билгизген to begin, to start, to end, to continue, to want, to decide, to intend ж. б. этиштердин инфинитив же герундий менен болгон айкалышынан түзүлөт:

*I must go to school now. You may take this book If yon like.*

## Сүйлөмдүн айкындоочу мүчөлөрү

Сүйлөмдүн айкындоочу мүчөлөрүнө **толуктооч, аныктооч** жана **бышыктоочтор** киришет.

Толуктоочтор **тике, кыйыр** жана **предлогдуу** болуп үчкө бөлүнүшөт.

**Тике толуктооч** кыймыл-аракет багытталган затты туюндурган сүйлөм мүчөсү.

Сүйлөмдө тике толуктооч баяндоочтон же кыйыр толуктоочтон кийин колдонулат:

| Ээ | баяндооч | тике толуктооч | бөлөк сүйлөм мүчөлөрү |
|---|---|---|---|
| *Panar* | *reads* | *books* | *every day* |

